Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги

Государственное агентство архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2025-ж. 10-февралы № 49 — Бишкек ш.

**КР КЭ 22-106:2025 «Иштелип жаткан аймактардагы жана чөгүп кете турган жер кыртыштарындагы имараттар жана курулмалар» Кыргыз Республикасынын курулуш эрежелерин бекитүү жөнүндө**

Курулуш чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук базаны жакшыртуу жана аны иштелип жаткан аймактардагы жана чөгүп кете турган жер кыртыштарындагы имараттарды жана курулмаларды долбоорлоого карата азыркы талаптарга ылайык келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-июнундагы № 44 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги (мындан ары – Мамкурулуш) жөнүндө» жобону жетекчиликке алуу менен **буйрук кылам:**

1. Тиркелген КР КЭ 22-106:2025 «Иштелип жаткан аймактардагы жана чөгүп кете турган жер кыртыштарындагы имараттар жана курулмалар» Кыргыз Республикасынын курулуш эрежелери бекитилсин.
2. Басма сөз катчы бул буйрукту Мамкурулуштун веб-сайтында жарыялоону камсыз кылсын.
3. Бул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып Кыргыз Республикасынын аймагында КЧжЭ 2.01.09-91 «Иштелип жаткан аймактардагы жана чөгүп кете турган жер кыртыштарындагы имараттар жана курулмалар» колдонулушу токтотулсун.
4. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Мамкурулуштун директорунун орун басары Иманакун уулу Талантбекке жүктөлсүн.

**Директор** — **Н.К. Орунтаев**

УПРАВЛЕНИЕ ЧЕЛОВЕЧЕСКИМИ РЕСУРСАМИ
ИНН 02704201210211

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги

Государственное агентство архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

10 февраля 2025 г. № 49 — г. Бишкек

**Об утверждении строительных правил Кыргызской Республики СП КР 22-106:2025 «Здания и сооружения на подрабатываемых территориях и просадочных грунтах»**

В целях совершенствования нормативной правовой базы в сфере строительства и приведения ее в соответствие с современными требованиями к проектированию зданий и сооружений на подрабатываемых территориях и просадочных грунтах, руководствуясь положением «О Государственном агентстве архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики» (далее – Госстрой), утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 25 июня 2021 года № 44, **приказываю:**

1. Утвердить прилагаемые строительные правила Кыргызской Республики СП КР 22-106:2025 «Здания и сооружения на подрабатываемых территориях и просадочных грунтах».
2. Пресс-секретарю обеспечить опубликование настоящего приказа на веб-сайте Госстроя.
3. Отменить действие на территории Кыргызской Республики СНиП 2.01.09-91 «Здания и сооружения на подрабатываемых территориях и просадочных грунтах» со дня вступления в силу настоящего приказа.
4. Настоящий приказ вступает в силу по истечении 15 дней со дня официального опубликования.
5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора Госстроя Иманакун уулу Талантбека.

**Директор** — **Н.К. Орунтаев**

УПРАВЛЕНИЕ ЧЕЛОВЕЧЕСКИМИ РЕСУРСАМИ
ИНН 02704201210211

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин «КР КЭ 22-106:2025 «Иштелип жаткан аймактардагы жана чөгүп кете турган жер кыртыштарындагы имараттар жана курулмалар» Кыргыз Республикасынын курулуш эрежелерин бекитүү жөнүндө» буйругунун долбооруна**

# НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМ КАТ

## 1. Максаты жана милдеттери

Бул буйрук Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институту (мындан ары – ЖТТКИДМИ) тарабынан даярдалды.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин (мындан ары – Мамкурулуш) бул «КР КЭ 22-106:2025 «Иштелип жаткан аймактардагы жана чөгүп кете турган жер кыртыштарындагы имараттар жана курулмалар» Кыргыз Республикасынын курулуш эрежелерин бекитүү жөнүндө» буйругунун долбоорунун максаты курулуш чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук базаны жакшыртуу, аны иштелип жаткан аймактарда жана чөгүп кете турган жер кыртыштарында имараттарды жана курулмаларды долбоорлоонун заманбап талаптарына ылайык келтирүү болуп саналат.

Буйруктун долбоорунун милдети курулуштагы ченемдик-техникалык документтерди Мамкурулуштун 2018-жылдын 11-июнундагы № 13-чуа буйругу менен бекитилген «Курулуштагы ченемдик документтердин тутуму жөнүндө» жобого ылайык келтирүү жана эскирген КЧжЭ 2.01.09-91 «Иштелип жаткан аймактардагы жана чөгүп кете турган жер кыртыштарындагы имараттар жана курулмалар» документин жаңыртуу.

## 2. Баяндоо бөлүгү

КР КЭ 22-106:2025 курулуш эрежелеринин долбоору иштелип жаткан жана чөгүп кете турган жер кыртыштарындагы имараттар жана курулмаларды долбоорлоого, курууга жана эксплуатациялоого талаптарды белгилеген ченемдик документ болуп саналат. Документ кыртыштардын татаал инженердик-геологиялык мүнөздөмөлөрүнүн шарттарында объекттердин ишенимдүүлүгүн жана туруктуулугун камсыздоого багытталган.

Жаңы редакцияда инженердик изилдөөлөр, имараттарды жана курулмаларды долбоорлоо жана эксплуатациялоо жаатындагы акыркы жетишкендиктер камтылган. Жаңыртылган редакция КЧжЭ 2.01.09-91 эскирген жоболорун жоюуга жана курулуш тармагынын учурдагы талаптарына ылайык келтирүүгө багытталган.

КР КЭ 22-106:2025 иштелип чыккан жана чөгүп кете турган жер кыртыштарындагы объекттердин коопсуз пайдаланылышын камсыз кылууга жана деформациялык таасирлерди минималдаштырууга жардам берет. Документте курулуш аянтчаларын инженердик даярдоо, конструкциялык схемаларды долбоорлоо, геотехникалык мониторингди уюштуруу жана объекттердин туруктуулугун жана узак мөөнөттүү колдонулушун жогорулатуу үчүн жаңы технологияларды колдонуу боюнча талаптар аныкталган.

Долбоор эл аралык стандарттар менен шайкештикти камсыздоого жана курулушта алдыңкы технологиялар менен материалдарды колдонууга шарт түзүүгө багытталган. Бул татаал аймактарда курулуш долбоорлорун ишке ашырууда коопсуздуктун жана натыйжалуулуктун жогорку деңгээлин камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин болжолу**

Бул буйруктун долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин талаптарына ылайык курулуш эрежелеринин долбоору 2024-жылдын 11-ноябрында Мамкурулуштун расмий сайтына коомдук талкуудан өтүү үчүн жайгаштырылган.

Ошондой эле бул долбоор кызыкдар уюмдарга карап чыгуу үчүн жөнөтүлгөн. Долбоор боюнча кызыкдар уюмдардан сын-пикирлер жана сунуштар түшкөн жок.

**5. Долбоордун мыйзамдарга ылайык келүүсүнүн талдоосу**

Сунушталган долбоор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Финансылоо зарылчылыгы жөнүндө маалымат**

Бул буйруктун долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгашаларга алып келбейт.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Сунушталган долбоор ишкердик ишмердикти жөнгө салууга багытталбагандыктан, жөнгө салуучу таасирин талдоону өткөрүүнү талап кылбайт.

**ЖТТКИДМИ директору** **К.Т. Канболотов**

**СПРАВКА - ОБОСНОВАНИЕ**
**к проекту приказа Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики «Об утверждении строительных правил СП КР 22-106:2025 «Здания и сооружения на подрабатываемых территориях и просадочных грунтах»**

**1. Цель и задачи**

Настоящий приказ подготовлен Государственным институтом сейсмостойкого строительства и инженерного проектирования Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – ГИССИП).

Целью настоящего проекта приказа Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Госстрой) «Об утверждении строительных правил СП КР 22-106:2025 «Здания и сооружения на подрабатываемых территориях и просадочных грунтах» является совершенствования нормативной правовой базы в сфере строительства, приведение ее в соответствие с современными требованиями к проектированию зданий и сооружений на подрабатываемых территориях и просадочных грунтах.

Задачей проекта приказа является приведение нормативных технических документов в соответствие с положением «О системе нормативных документов в строительстве», утвержденным приказом Госстроя от 11 июня 2018 года № 13-нпа и актуализация устаревшего СНиП 2.01.09-91 «Здания и сооружения на подрабатываемых территориях и просадочных грунтах».

**2. Описательная часть**

Проект строительных правил СП КР 22-106:2025 представляет собой нормативный документ, устанавливающий требования к проектированию, строительству и эксплуатации зданий и сооружений на подрабатываемых территориях и просадочных грунтах. Документ направлен на обеспечение надежности и устойчивости объектов в условиях сложных инженерно-геологических характеристик грунтов.

В новой редакции учтены последние достижения в области инженерных изысканий, проектирования и эксплуатации зданий и сооружений. Актуализированная редакция направлена на устранение устаревших положений СНиП 2.01.09-91, которые более не соответствуют текущим требованиям строительной отрасли.

СП КР 22-106:2025 предлагает решения, позволяющие минимизировать негативное воздействие деформаций грунтов на здания и сооружения, а также обеспечить их безопасную эксплуатацию. В документе определены требования к инженерной подготовке

строительных площадок, проектированию конструктивных схем, организации геотехнического мониторинга и применению новых технологий для повышения устойчивости и долговечности объектов.

Проект направлен на гармонизацию с международными стандартами и создание условий для применения передовых технологий и материалов в строительстве. Это позволит обеспечить высокий уровень безопасности и эффективности при реализации строительных проектов на сложных территориях.

**3. Прогнозы возможных социальных, экономических, правовых, правозащитных, экологических, коррупционных последствий**

Принятие данного проекта приказа не повлечет негативных социальных, экономических, правовых, правозащитных, гендерных, экологических, коррупционных последствий.

**4. Информация о результатах общественного обсуждения**

В соответствии с требованиями статьи 22 Закона Кыргызской Республики «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики», проект строительных правил размещен на официальном сайте Госстроя от 11 ноября 2024 года для прохождения процедуры общественного обсуждения.

Также данный проект был направлен на рассмотрение заинтересованным организациям. Замечания и предложения по указанному проекту от заинтересованных организаций не поступили.

**5. Анализ соответствия проекта законодательству**

Представленный проект не противоречит нормам действующего законодательства, а также вступившим в установленном порядке в силу международных договоров, участницей которых является Кыргызская Республика.

**6. Информация о необходимости финансирования**

Принятие настоящего проекта приказа не повлечет финансовых затрат из республиканского бюджета.

**7. Информация об анализе регулятивного воздействия**

Представленный проект не требует проведения анализа регулятивного воздействия, поскольку не направлен на регулирование предпринимательской деятельности.

**Директор ГИССИП** **К.Т. Канболотов**

Курулуштагы ченемдик документтер тутуму

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ ЭРЕЖЕЛЕРИ**

Система нормативных документов в строительстве

**СТРОИТЕЛЬНЫЕ ПРАВИЛА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ИШТЕЛИП ЖАТКАН АЙМАКТАРДАГЫ ЖАНА ЧӨГҮП КЕТЕ ТУРГАН ЖЕР КЫРТЫШТАРЫНДАГЫ ИМАРАТТАР ЖАНА КУРУЛМАЛАР

# КР КЭ 22-106:2025

# ЗДАНИЯ И СООРУЖЕНИЯ НА ПОДРАБАТЫВАЕМЫХ ТЕРРИТОРИЯХ И ПРОСАДОЧНЫХ ГРУНТАХ

# СП КР 22-106:2025

Расмий басылма

Издание официальное

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ
АРХИТЕКТУРА, КУРУЛУШ ЖАНА ТУРАК ЖАЙ-КОММУНАЛДЫК ЧАРБА
МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО АРХИТЕКТУРЫ, СТРОИТЕЛЬСТВА
И ЖИЛИЩНО-КОММУНАЛЬНОГО ХОЗЯЙСТВА
ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БИШКЕК 2025

## Сөз башы

1 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин (Мамкурулуш) алдындагы Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институту тарабынан ЖАҢЫРТЫЛДЫ

2 Мамкурулуштун Архитектура, контролдоо жана техникалык ченемдөө башкармалыгы тарабынан КИРГИЗИЛДИ

3 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-июнундагы № 44 токтому менен бекитилген Мамкурулуш жөнүндө жобонун негизинде Мамкурулуштун 2025-жылдын __-____________ №______ буйругу менен БЕКИТИЛИП, 2025-жылдын ___-_________ тартып ИШКЕ КИРГИЗИЛДИ

4 КЧжЭ 2.01.09-91 «Иштелип жаткан аймактардагы жана чөгүп кете турган жер кыртыштарындагы имараттар жана курулмалар»дын ОРДУНА

*Мамкурулуштун уруксатысыз ушул курулуш эрежелерин расмий басылма катары толугу менен же жарым-жартылай көчүрмөсүн жасоого, аларды тираждоого жана таратууга болбойт*

© Мамкурулуш, 2025

Ушул курулуш эрежелеринин жоболору кайра каралган (алмаштырылган) же жокко чыгарылган учурда, тиешелүү билдирме белгиленген тартипте жарыяланат. Тийиштүү маалымат, билдирмелер жана тексттер жалпы колдонгон маалыматтык тутумдарда – иштеп чыгуучунун расмий сайтында жайгаштырылат

**Мазмуну**


1 Колдонуу чөйрөсү ... 1
2 Ченемдик шилтемелер ... 1
3 Терминдер жана аныктамалар ... 2
4 Жалпы жоболор ... 6
5 Иштелип жаткан аймактардагы имараттар жана курулмалар ... 11
5.1 Иштелип жаткан аймактардагы имараттарды жана курулмаларды эсептөө үчүн негизги шарттар жана баштапкы маалыматтар ... 11
5.2 Иштелип жаткан аянттардагы пайдалуу кендер жаткан аймактарды пландоо жана куруу ... 16
5.3 Иштелип жаткан аймактарда куруу үчүн инженердик изилдөөлөргө жана долбоордук, уруксат берүүчү документтерди даярдоого кошумча талаптар ... 18
5.4 Иштелип жаткан аймактарда имараттарды жана курулмаларды долбоорлоо принциптери ... 20
5.5 Иштелип жаткан аймактардагы имараттарды жана курулмаларды эсептөөгө карата негизги талаптар ... 22
6 Чөгүп кете турган жер кыртыштарындагы имараттар жана курулмалар ... 28
6.1 Долбоорлоо үчүн топурак шарттары жөнүндө баштапкы маалыматтар ... 28
6.2 Аянттарды пландоо жана куруу ... 32
6.3 Имараттардын жана курулмалардын бекемдигин жана нормалдуу эксплуатациялоону камсыз кылуу боюнча чаралар ... 33
6.4 Долбоорлоо боюнча негизги жоболор ... 35
А тиркемеси Жер бетинин типтүү жылышуулары менен деформацияларынын мисалдары ... 47
Б тиркемеси Иштелип жаткан аймактарда эксплуатацияланып жаткан имараттарды жана курулмаларды коргоо чаралары ... 49
В тиркемеси Иштелип жаткан аймактардагы каркастуу имараттарды долбоорлоо жана эсептөө өзгөчөлүктөрү ... 51
Г тиркемеси Иштелип жаткан аймактарында каркассыз имараттарды долбоорлоонун жана эсептөөнүн өзгөчөлүктөрү ... 61
Д тиркемеси Кен иштелген аймактарда инженердик курулмаларды жана түтүктөрдү долбоорлоо жана эсептөө өзгөчөлүктөрү ... 64
Е тиркемеси Имараттарды жана курулмаларды эксплуатациялоо мезгилинде аларды тегиздөөнү эске алуу менен долбоорлоо өзгөчөлүктөрү ... 68
Ж тиркемеси Курулуш шарттары боюнча пайдалуу кендер жаткан аймактардын категориялары ... 71
И тиркемеси Чөгүп кете турган жер кыртыштарындагы негиздердин деформацияларын жана катуулук коэффициенттерин эсептөө ... 77
К тиркемеси Терендетилген жер астындагы бөлүгү бар имараттардын жана курулмалардын негиздерин долбоорлоо өзгөчөлүктөрү ... 86

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ ЭРЕЖЕЛЕРИ

Курулуштагы ченемдик документтердин тутуму

**ИШТЕЛИП ЖАТКАН АЙМАКТАРДАГЫ ЖАНА ЧӨГҮП КЕТЕ ТУРГАН ЖЕР КЫРТЫШТАРЫНДАГЫ ИМАРАТТАР ЖАНА КУРУЛМАЛАР**

**Здания и сооружения на подрабатываемых территориях и просадочных грунтах**

Buildings and structures on undermined territories and slumping soils

КЧжЭ 2.01.09-91
жаңыртылган редакциясы

**Киргизүү датасы –___. ___. 2025**

# 1 Колдонуу чөйрөсү

Бул курулуш эрежелери иштелип жаткан аймактардагы жана чөгүп кете турган жер кыртыштарындагы имараттарды жана курулмаларды долбоорлоо талаптарын белгилейт. Бул курулуш эрежелеринин талаптары сейсмикалык аймактардагы имараттарды жана курулмаларды долбоорлоого, ошондой эле гидротехникалык курулмаларды, жолдорду жана аэродромдордун каптамын долбоорлоого жайылтылбайт.

# 2 Ченемдик шилтемелер

Бул курулуш эрежелери төмөнкү ченемдик документтерге шилтемелерди камтыйт:

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын шаар куруу мыйзамдарынын негиздери жөнүндө» мыйзамы;

Кыргыз Республикасынын «Жер казынасы жөнүндө» мыйзамы;

КР КЧ 20-02:2024* Жер титирөөгө туруктуу курулуш. Долбоорлоо ченемдери;

КР КЧ 40-01:2023 Суу менен камсыздоо. Тышкы тарамдар жана курулмалар;

КР КЧ 40-02:2023 Саркынды сууларды чыгаруу. Тышкы тарамдар жана курулмалар. Долбоорлоо ченемдери;

КР КЧ 51-01:2024 Таш жана армоташ конструкциялары;

КР КЧ 53-01:2024 Болот конструкциялары. Долбоорлоо ченемдери;

КР КЧжЭ 23-02-2000 Курулуш климатологиясы;

КЧжЭ 2.02.01-83* Имараттардын жана курулмалардын негиздери;

КЧжЭ 2.04.01-85* Имараттардын ички суу түтүгү жана канализациясы;

КЧжЭ 2.06.15-85 Аймактарды суу ташкынынан жана суу каптоодон инженердик коргоо;

МамСТ 27751-2014 Курулуш конструкцияларынын жана негиздердин ишенимдүүлүгү. Негизги жоболор жана талаптар;

МамСТ 31937-2011 Имараттар жана курулмалар. Техникалык абалды текшерүү жана мониторинг жүргүзүү эрежелери;

МамСТ 23161-2012 Топурактар. Чөгүү мүнөздөмөсүн лабораториялык аныктоо ыкмасы;

МАКЧ 2.03-01-95 Кооптуу жаратылыш таасирлеринин геофизикасы.

Э с к е р т ү ү – Бул курулуш эрежелерин колдонууда шилтеме берилген документтердин аныктыгын текшерүү сунуш кылынат:

- коомдук маалымат системасында – Кыргызстандарттын расмий сайтында, квартал сайын, жылдык стандартташтыруу документтеринин тиешелүү жыл үчүн Каталогу;

- Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулуп жаткан курулуш боюнча ченемдик документтердин индексинде тиешелүү жыл үчүн "Курулуш каталогу КК".

Шилтеме берилген документ алмаштырылган (өзгөртүлгөн) учурда, бул ченемдерди колдонууда алмаштырылган (оңдолгон) документти пайдалануу сунушталат. Эгерде шилтеме берилген документ алмаштырылбай, жокко чыгарылса, анда ал документке шилтеме берилген жобо ага тиешелүү эмес бөлүгүндө колдонулат.

## 3 Терминдер жана аныктамалар

Бул курулуш эрежелеринде тиешелүү аныктамалары менен төмөнкү терминдер колдонулат:

3.1 **тоо казындысы:** Кен казып алуу, инженердик-геологиялык изилдөөлөр жана жер астындагы курулуштарды куруу максатында кен казуу иштеринин натыйжасында пайда болгон жер кыртышындагы көңдөй.

3.2 **топурак:** Адамдын инженердик жана курулуш ишмердүүлүгүнүн объектиси болгон тоо тектердин бардык түрлөрүнүн жалпы аталышы.

3.3 **горизонталдык жылышуу, $u_{st}$:** Топурактын өздүк салмагынан олуттуу бирдей эмес чөгүүсүндө пайда болгон топурактын же курулманын горизонталдык жылышуусу.

3.4 **жер бетинин вертикалдык деформациялары:** Вертикалдык кыймылдардагы туура эмес өзгөрүүлөрдөн улам жер бетинин вертикалдык тегиздиктеги деформациялары.

3.5 **жол берилген курулуш негизинин деформациялары:** Курулмаларда узак мөөнөттүү пайдалануу үчүн азыркы иштетүү жана оңдоо иштерин жүргүзүү жетиштүү болгон деңгээлдеги бузулууларга алып келүүчү деформациялар.

3.6 **курулма негизинин чектик деформациялары:** Алардын ашып кетиши курулмалардын авариялык абалына же адам өмүрүнө коркунуч алып келе турган деңгээлдеги деформациялар.

3.7 **болжолдуу деформациялар жана чөгүү:** Кен казуу иштеринин өнүгүү календарлык планы жок шарттарда аныкталуучу деформациялар менен жылышуулардын чоңдуктары.

3.8 **күтүлүп жаткан деформациялар жана чөгүүлөр:** Кен казуу иштерин өнүктүрүүнүн календардык пландары жана эсептөө үчүн зарыл болгон баштапкы маалыматтар белгилүү болгон шарттарда аныкталган деформациялардын жана чөгүүлөрдүн чоңдуктары;

3.9 **төмөнкү катмардын кошумча чөгүүсү, $s_{ut}$:** Чөгүүчү катмардын астында жаткан топурак катмарынын бир калыпта бөлүштүрүлгөн имараттын же курулуштун салмагынан, ошондой эле чөгүүчү топурактын тыгыздыгы жана нымдуулугу жогорулаганда анын өз салмагынын артуусунан, жер түркүктү кагуудан, пландуу толтуруудан улам пайда болгон тик багыттагы деформациясы.

3.10 **казма бет:** Казуу иштери ачык же жабык (жер астында) жол менен жүргүзүлүп, жумуш жүрүп жатканда кыймылдаган жер.

3.11 **курулуштун жабык ыкмасы :** Жер астындагы курулмаларды алардын үстүндөгү жер бетин ачпай куруу ыкмасы.

3.12 **казып алуу таасиринин зонасы:** Айланадагы курулуштардын объектилеринин ишенимдүүлүгүнө жана эксплуациялоого жарамдуулугуна терс таасири аз болгон аймак.

3.13 **негиздин катуулугунун коэффициенти, C:** Негиздин кысылуусунун мүнөздөмөсү, ал негизге бирдей бөлүштүрүлгөн жүктөмдүн анын жүктөмүнө катышын билдирет.

3.14 **жер бетинин жылышуусундагы мульданын кыйшаюусу:** Мульданын эки коңшу аралыгынын ийилүү айырмасынын ошол эле аралыктардын узундуктарынын жарымынын суммасына болгон катышы.

3.15 **жер бетинин жылышуусундагы мульда:** Жер бетинин кен иштетүүнүн натыйжасында жылышкан участогу.

3.16 **жылышуу мульдасынын интервалдарынын жантаюусу:** Мульданын эки коңшу чекитинин чөгүү айырмаларынын алардын ортосундагы аралыгына болгон катышы.

3.17 **баштапкы чөкмө нымдуулук, $ws_l$:** Белгиленген чыңалуу абалында топурактын чөкмө касиеттери байкала баштаган минималдуу нымдуулук.

3.18 **баштапкы чөгүү басымы, $p_{sl}$:** Топурактын толугу менен сууга каныкканда чөгүү касиети байкала баштаган минималдуу басым.

3.19 **каптоо:** Чуңкурларды бекитип жана алардын ички бетин түзгөн туруктуу конструкция.

3.20 **кен иштетүү иштеринен жабыркаган курулмалар:** Кен иштетүү иштери жүргүзүлүп жаткан аймакта жайгашкан имараттар, курулмалар жана инженердик коммуникациялар.

3.21 **жер бетинин чөгүшү:** Мульда жылышуусундагы жер бетиндеги чекиттин жылышуу векторун түзгөн вертикалдык кыймылы.

3.22 **курулманын негизи:** Курулма менен өз ара аракеттенген топурак массасы.

3.23 **салыштырмалуу чөгүү касиети, $\varepsilon_{cm}$:** Табигый жаткан абалдагы баштапкы калыңдыгына салыштырмалуу, берилген басым астында нымдуулугу жогорулаганда капталга кеңейүү мүмкүнчүлүгү жок шартта топурак катмарынын калыңдыгынын өзгөрүү катышы.

3.24 **жер бетинин салыштырма горизонталдык чоюлуу же кысуу деформациясы (тоо тектеринин катмары):** Жылышуу мульдасында горизонталдык жылышуулардын бирдей эместигинен келип чыккан (тоо тектеринин катмарындагы) горизонталдык тегиздиктеги жер бетинин (тоо тектеринин катмарынын) деформациясы.

3.25 **жер астындагы курулма, же курулманын жер астындагы бөлүгү:** Жер бетинин деңгээлинен төмөн жайгашкан курулма, же курулманын бөлүгү.

3.26 **объектиге тийиштүү жер астындагы иштер:** Пайдалуу кендерди казып алуу же объектиге таасир тийгизген ар кандай максаттар үчүн жер астындагы курулмаларды куруу максатында жер астындагы жабык кен иштетүүчү жайларды уюштуруу.

3.27 **жер астындагы кен казуу аймагы:** Жер астындагы кен иштетүүнүн натыйжасында имараттардын же курулмалардын негизинде топурактын бирдей эмес чөгүшү же жылышы мүмкүн болгон аймак.

3.28 **оюк:** Жер астында кен иштетүүнүн таасиринен жер бетинин кулап калган бөлүгү.

3.29 **чөкмө топурак:** Негизинен структуралык жактан туруксуз, чополуу топурак (лёсс), нымдуулук белгилүү бир деңгээлден жогору көтөрүлгөндө анын күчү жоголот жана сырткы жүктөмдүн жана (же) өз салмагынын таасири астында анын кошумча тыгыздашуусу – топурактын чөгүүсү.

3.30 **чөгүү катмары (төмөндөп жаткан катмар), $H_{sl}$:** Топурактын табигый бети же пландоо деңгээлинен баштап, чөгүп кетпеген топурактын үстүнкү чегине чейинки катмары.

3.31 **жер кыртышынын жылышуусу (тоо тектеринин катмары):** Тоо-кен иштери учурунда анын табигый тең салмактуулугунун бузулуусунан улам жер бетинин (тоо тек массасынын) жылышуусу жана деформациясы.

3.32 **жылышуу мульдасындагы кыйшаюу:** Катмардын жаткан багытына параллель жана перпендикулярдуу тартылган квадраттын түз бурчунун деформациядан мурунку өзгөрүүсүнүн чоңдугу. Катмарлардын бир-бирине карата кыйшаюусу катмардын жаткан багыты боюнча жана башка белгиленген багытта болушу мүмкүн.

3.33 **жылышуу мульдасындагы буралуу:** Төрт чарчы аянттын чек араларынын деформацияга чейинки параллель жантайышындагы айырманын анын тарабына болгон катышы. Эсептөөдө урунуучу багыттагы буралуу (кайчылаш сокку) х жана у жылышуулары боюнча чөгүү функциясынын экинчи туундусу катары аныкталат (мында х - каралып жаткан чекиттен мульданын негизги кесилишине чейинки жайылуу багыты боюнча ага каршы аралык болуп саналат; *у* - каралып жаткан чекиттен мульданын негизги кесилишине чейинки тегиздиктин жайылуусу боюнча ага каршы багыттагы аралык). Буралууларды жайылуу багыты боюнча жана ага перпендикулярдуу багыттагы деп бөлүшөт.

3.34 **негиздин кысылуусунун өзгөрүлмөлүүлүк деңгээли,** $\alpha_{E,sl}$**:** Топурактын деформация модулунун эң чоң маанисинин анын эң кичине маанисине тереңдик боюнча катышы, же негиздин эң чоң вертикалдык деформациясынын анын эң кичине чоңдугуна болгон катышы.

3.35 **негиздин чөгүүчү топурактарынын кысылуу касиеттеринин өзгөрмөлүүлүк даражасы,** $\alpha_{E,sl}$**:** Табигый нымдуулуктагы чөкмө топурактын тереңдик боюнча деформациялык модулунун эң жогорку маанисинин сууга толук каныкканда (курулманын планынын чегинде) же негиздин максималдуу вертикалдык деформациясынын анын эң төмөнкү маанисине катышы.

3.36 **тоннель:** Темир жол жана автомобиль жолдорун, жөө өтмөктөрдү, коммуникацияларды ж.б. салуу үчүн арналган, бийиктиги 2 м же андан ашык болгон горизонталдык же жантайыңкы жер астындагы курулма.

3.37 **кыртепкичтер:** Тоо тектеринин жылышында жаракалардын пайда болушу менен көрүнгөн жер бетинин топтолгон деформациялары.

3.38 **салыштырмалуу ийрилик радиусу,** $R_{yc}$**:** Табигый түрдө салынган топурак бетинин ийрилиги, же пайдубал ийри сызыктуу участокто топурактын нөлдөн максималдуу мааниге чейинки өз салмагынан келип чыккан чөгүшү, ал ийри сызыктуу участоктун узундугунун квадратынын топурактын өз салмагынан келип чыккан максималдуу чөгүүсүнүн чоңдугуна болгон катышы менен аныкталуучу ийрилик.

3.39 **коопсуздук чеги:** Кен казуу коркунучун алдын алуу максатында жер астында калтырылган пайдалуу кендердин бөлүгү.

## 4 Жалпы жоболор

4.1 Пайдалуу кендердин аймагында курула турган имараттарды жана курулмаларды долбоорлоодо Кыргыз Республикасынын "Жер казынасы жөнүндө" мыйзамынын 25-беренесинин "Жер казынасын пайдалануу укугун "биринчи берилген өтүнмө" эрежеси боюнча берүүнүн тартиби", ошондой эле Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын шаар куруу мыйзамдарынын негиздери жөнүндө" мыйзамын эске алуу зарыл.

4.2 Иштелип жаткан аймактарда курула турган имараттар менен курулмаларды долбоорлоодо төмөнкүлөрдү эске алуу керек:

жер бетиндеги деформациялардын имараттарга жана курулмаларга тийгизген зыяндуу таасирин төмөндөтүүнү камсыз кылуучу иш-чараларды пландаштыруу;

имараттарды жана курулмаларды коргоо боюнча конструктивдүү чаралар;

имараттар менен курулмалардын бир калыпта эмес чөгүшүн азайтуучу жана кыйшаюусун түзөтүү үчүн ар кандай ыкмаларды колдонуу менен жүргүзүлүүчү иш-чаралар;

жер бетиндеги деформацияларды азайтуучу кен иштетүү иштеринин тартиби каралган тоо-кен иштери боюнча коргоо чаралары;

негиздин чөгүп кетишин азайтуучу курулуш аянтчаларын инженердик жактан даярдоо иштери;

мурда кен иштетилген аймактарда чуңкурлардын пайда болуу мүмкүнчүлүгүн жоюу боюнча чаралар;

изилдөө иштеринин жүрүшүндө аныкталган мурда кен иштетилген боштуктарды жоюу (жабуу, кайра толтуруу ж.б.);

негиздин бирдей эмес деформациялары пайда болгон учурда, тышкы жана ички инженердик тармактардын, лифттердин жана башка инженердик-технологиялык жабдуулардын нормалдуу эксплуатациялоону камсыз кылуу боюнча чаралар.

Жогоруда көрсөтүлгөн коргоо чараларын аткаруу курулуштардын көтөрүүчү жана тосмо конструкцияларында эксплуатациялоо шарттарына ылайык жол берилген деформациялар менен жаракалардын пайда болуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт, ал оңдоо иштерин жүргүзүү менен жоюлат.

4.3 Эксплуатацияланууучу имараттар менен курулмалардын астындагы кенди иштетүү учурунда Б тиркемесинде көрсөтүлгөн коргоо чаралары каралышы керек.

4.4 Кадимки курулуш шарттары үчүн иштелип чыккан имараттардын жана курулмалардын долбоорлорун кен казылган аймактардагы курулуштар үчүн

пайдаланууга жол берилбейт, ал үчүн аларды эсептөө жолу менен текшерүү жана зарыл болгон учурда ушул ченемдердин талаптарына ылайык кайра иштеп чыгуу талап кылынат.

Кен иштетүү аймагында курулуучу имараттардын жана курулмалардын типтүү долбоорлору ар кандай топтогу кен казуу аймактарында колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн бир типке келтирилиши керек.

4.5 Жаңы же жакшыртылган конструктивдүү чечимдери менен имараттар жана курулмалар, жер бетин тегиздөө жана тоо-кен иштетилүүчү аймактарда негизди даярдоо ыкмалары менен табигый шарттарда эксперименттик сыноолордун оң жыйынтыктарын алгандан кийин гана массалык курулушта колдонууга уруксат берилет.

Айрым учурларда, мамлекеттик стандарт (МамСТ 27751) боюнча жоопкерчиликтин I жана II категориясындагы имараттар менен курулмаларды жаңы конструктивдүү чечимдер менен жеке долбоорлор боюнча курууга жергиликтүү долбоорлоо уюмдары иштеп чыгып, башкы институттар жана мурдагы жер астындагы конструкциялардын долбоордук документтерин иштеп чыккан долбоорлоо уюмдары менен макулдашылгандан кийин жол берилет.

4.6 Кен иштетилген аймактарда имараттар менен курулмаларды курууда жер бетинин жана имараттар менен курулмалардын деформациясын аспаптык жол менен байкоо жүргүзүү боюнча иштер алдын ала, зарылдыгы болгон учурда курулуш мезгилинде дагы долбоордо каралышы керек.

4.7 Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын шаар куруу мыйзамдарынын негиздери жөнүндө" мыйзамында каралган имараттарды жана курулмалардын курулушу; (өзгөчө кооптуу, техникалык жактан татаал жана уникалдуу объектилер), эреже катары, иштетилип жаткан аймактарга уруксат берилбейт.

4.8 Имараттарды жана курулмаларды чөкмө топурактарда долбоорлоодо төмөнкүлөрдү эске алуу керек:

курулуш аянтчасынын инженердик-геологиялык шарттарынын өзгөчөлүктөрү (чөгүү деформацияларынын түрлөрүн, пайда болуу булактары жана режимдери, чөгүү катмарынын астындагы топурактын мүнөздөмөсү ж.б.);

инженердик даярдык жана курулуш аянтчаларын пландоо;

имараттардын жана курулмалардын нормалдуу эксплуатациялоону камсыз кылуу үчүн колдонулуучу иш-чаралардын түрлөрүн (топурактын чөкмө касиеттерин жоюу; чөгүп бараткан топуракты жер казык менен кесүү; курулуш иш-чараларынын комплекси);

жергиликтүү курулуш шарттары жана имараттар менен курулмаларды долбоорлоо, куруу жана эксплуатациялоо тажрыйбалар, анын ичинде аларды

ушундай топурак шарттарында алардын негиздериндеги деформацияларды байкоо натыйжалары.

негиз топурагынын бирдей жана бирдей эмес вертикалдык (чөгүү) жана горизонталдык жылышууларынын долбоорлонуп жаткан конструкцияларга тийгизген таасири;

жергиликтүү курулуш шарттары жана имараттар менен курулмаларды долбоорлоо, куруу жана эксплуатациялоо тажрыйбалар, анын ичинде аларды ушундай топурак шарттарында алардын негиздериндеги деформацияларды байкоо натыйжалары.

жаңы курулуш таасиринин аймагында айланадагы курулуштардын бар болушу жана алардын техникалык абалын.

4.9 Чөкмө шарты боюнча II түрдөгү (6.1.3) топурактардын өз салмагынан улам $S_{sl.g}$≥20 см кем эмес чөгүшү мүмкүн болгон шарттарда, долбоордук документтерде "Курулуштарды техникалык эксплуатациялоо" (КТЭ) бөлүмү болушу керек, анда эксплуатациялык уюмдар үчүн төмөнкү көрсөтмөлөр камтылууга тийиш:

курулушу (реконструкциялоону) аяктаган курулманы эксплуатациялоого кабыл алууга кошумча талаптар жөнүндө;

көтөрүүчү жана тосмо конструкцияларын системалуу түрдө ввизуалдык текшерүү иштерин жүргүзүү боюнча;

ички жана тышкы суу түтүктөрүнүн, ошондой эле суу жана ар кандай суюктуктар сакталган идиштердин абалын системалуу текшерип туруу жөнүндө.

нымдуу технологиялык процесс бар бөлмөлөрдө, ошондой эле суу өткөрүүчү коммуникациялардын кирүүчү жана чыгуу жерлеринде топурактын нымдуулугуна мезгил-мезгили менен байкоо жүргүзүү;

авариялык суу агып чыгуулар табылган учурда аларды ыкчам жоюу боюнча зарыл чаралар жөнүндө.

4.10 II типтеги чөкмө топурактарга курулуучу имараттар үчүн иштелип чыккан жана анын ичинде, кен иштетүүчү, жер титирөө коркунучу бар жана башка аймактарда да колдонулуучу типтүү долбоорлорду жергиликтүү топурактын шартына ылайыкташтырууда конструкциялардын жана пайдубалдын деформациясын эсептөөнү жеңилдетүү максатында ал долбоорлорду колдонууга боло турган 6-бөлүмдө келтирилген маалыматтарга ылайык төмөнкү критерийлер көрсөтүлүшү керек:

топурактын өз салмагынан келип чыккан мүмкүн болгон чөгүүсү $S_{sl.g}$, см;

негиздин жалпы чөгүү жана кысылуу көлөмүнүн салыштырмалуу айырмасы, $\Delta s/L$, см/м;

салыштырмалуу горизонталдуу жылышуу $\varepsilon_u$, мм/м;

негиздин бетинин жантаюусу $i$, мм/м;

негиздин деформациясынын тегиз эместигинин индекси $K$, мм/м, же негиздин ийрилигинин шарттуу радиусу $R_{yc}$, м.

4.11 Кадимки (өзгөчөлөнбөгөн) топурак жана кадимки шарттарда, конструкциялардын жана топурак негиздеринин деформациясы боюнча тиешелүү эсептерин аткарбастан I типтеги чөкмө топуракта курула турган имараттардын типтүү долбоорлорун чөкмө топурактарга байланыштырганда, аталган долбоорлорду чектик колдонууга жол берген критерийлер ал топурак негиздеринин болушунча кысылуучу касиеттеринин өзгөрүү деңгээлдеринин $\alpha_E$ жана негиздин деформациясынын чектик бирдей эместигин $\Delta s_u$ аларды даярдоодо колдонулган ыкмаларын эске алуу зарыл:

а) чөкмө топурактардын негизинин $\alpha_{E.sl}$ кысылуучулук касиетинин өзгөрүү даражасынын чектелген маанилери орточо деформация модулунун $E_{sl}$ тиешелүү маанисинде;

б) чөкмө топурактан турган негиздин $\Delta s_{u.sl}$ деформациясынын чектик бир калыпта эместиги;

в) чектик чөгүүнүн орточо мааниси $s_u$.

$\alpha_E$, $E$ жана $s_{si}$ негиз топурактын мүнөздөмөсүнүн маанисин КЧжЭ 2.02.01, $\alpha_{E.sl}$ ушул КР КЭ 6.1. бөлүмү менен аныкталат.

4.12 Топурактын чөкмөлүгү боюнча II тибиндеги өзгөчө имараттар менен курулмаларды, ошондой эле жоопкерчиликтин I жана II категориясындагы объектилерди долбоорлоо учурунда мурда пратикада ийгиликтүү колдонулбаган принципиалдуу жаңы конструкциялык чечимдерди колдонуу менен долбоорлоо жана курулуш иштери илимий-техникалык коштоо менен КЧжЭ 2.02.01 талаптарына ылайык жүргүзүлүшү керек.

4.13 МамСТ 27751 ылайык, чөкмө топурактарда жоопкерчиликтин I жана II дегээлиндеги имараттар менен курулмалардын долбоордук документтерин даярдоо учурунда төмөнкүлөрдү көзөмөлдөө керек:

жүргүзүлгөн инженердик-геологиялык изилдөөлөрдүн жетиштүүлүгү жана алардын жыйынтыгы боюнча кабыл алынган корутундулардын жана сунуштардын негиздүүлүгү;

аткарылып жаткан долбоордук документтер, анын ичинде конструктивдик схемалар боюнча кабыл алынган техникалык чечимдер, негизди даярдоо ыкмалары, колдонулган эсептөө моделдери жана программалык комплекстер ж.б.

4.14 Иштелип жаткан аймактарда долбоорлонуп жаткан имараттын, же курулманын долбооруна атайын паспорт тиркелет, анда төмөнкүлөр көрсөтүлүшү керек:

конструктивдүү схемасынын кыскача сүрөттөлүшү, курулуш жана эксплуатациялоо учурунда жүргүзүлгөн коргоо чаралары, ошондой эле жол

берилбеген деформациялар пайда болгон учурда имаратты түздөө ыкмалары жөнүндө кыскача маалымат;

жер бетинин деформацияларынын болжолдонгон өлчөмдөрү жана негиз топурагынын физикалык-механикалык мүнөздөмөлөрү жөнүндө маалыматтар;

геотехникалык мониторингди уюштуруу жана жүргүзүү, анын ичинде имараттын же курулманын жана жер бетинин деформацияларын аспаптык байкоо жүргүзүү боюнча көрсөтмөлөр;

имаратты же курулманы эксплуатациялоого өткөрүп берүү учурундагы аспаптык байкоолордун жыйынтыктары жөнүндө маалыматтар;

кыймылсыз тирөөчү байкоочу белгилердин жайгашуу планы – аларды жер бетинин, имараттардын жана курулмалардын чөгүүсүн байкоо үчүн колдонулууга болот.

жол берилбеган деформациялардын пайда болушу жөнүндө мониторингдин маалыматтарынын негизинде алынган маалыматты кабарлоо каражаттары.

Паспорт эксплуатациялоочу уюмда сакталышы керек.

4.15 Чөкмө топурактарга курулуучу имарат же курулманын долбооруна атайын паспорт тиркелиши керек, анда төмөнкүлөр көрсөтүлүшү зарыл:

конструктивдүү схемасынын кыскача сүрөттөмөсү, негиздин жол берилүүчү чектүү деформациялары жана курулманы нормалдуу эксплуатациялоону камсыз кылуу үчүн долбоордо кабыл алынган чаралар;

объектинин курулуш процессинде жана эксплуатациялоодон кийин биринчи жылдары геотехникалык мониторингди жүргүзүү боюнча көрсөтмөлөр;

бирдей эмес деформациялар пайда болгон учурда лифттердин, крандын астындагы жана башка транспорттук жолдордун горизонталдуу жана вертикалдуу абалын тегиздөө боюнча сунуштар.

жаңы курулманын кварталынын, же курулуш аянтынын пландоо схемасы, анда төмөнкүлөрдү көрсөтүлөт: айланадагы колдонуудагы курулуш объектилери; колдонуудагы жана долбоордогу суу менен камсыз кылуучу инженердик коммуникациялар (суу түтүгү, канализация, жаан суусун агызуучу түтүк, жылуулук түтүгү ж.б.) түтүктөрдүн айрым бөлүктөрүн авариялык абалда өчүрүү үчүн токтотуучу түзүлмөлөрдүн жайгашкан жерин.

4.16 Геотехникалык мониторинг КЧжЭ 2.02.01, МамСТ 31937 ылайык иштетилүүчү аянттардагы жана чөкмө топурактардагы имараттар жана курулмалардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жүргүзүлүүгө тийиш.

# 5 Иштелип жаткан аймактардагы имараттар жана курулмалар

## 5.1 Иштелип жаткан аймактардагы имараттарды жана курулмаларды эсептөө үчүн негизги шарттар жана баштапкы маалыматтар

5.1.1 Иштелип жаткан аймактардагы имараттардын жана курулмалардын конструкцияларын эсептөөлөрдү топурак массасынын деформацияларын болжолдоого жана курулманын, анын пайдубал конструкциясынын жана деформациялнуучу негизинин өз ара аракеттрин эске алууга шарт түзгөн байкоолордун жана заманбап компьютердик программалык камсыздоо каражаттарынын жардамы менен жүргүзүү сунушталат.

Мындай учурда баштапкы маалыматтар төмөнкүлөр болуп саналат:

жер астындагы иштетүүлөрдүн геометриялык параметрлери (массивдеги жайгашкан тереңдиги, формасы жана өлчөмү);

иштетилүүчү аянттардагы курулуп жаткан же курулган имараттын же курулманын жер астындагы бөлүгүн жана пайдубал конструкциясын кошо алганда, курулуш конструкцияларынын конструктивдик схемалары жана курулуш материалдарынын физикалык-механикалык касиеттери.

жер астындагы казып алуунун ыкмасы (технологиясы), колдонулган жабдуулардын түрү жана анын мүнөздөмөлөрү;

жер бетинин рельефи жана кен иштетүү иштери башталганга чейинки тоо тектер массивинин чыңалуу абалы тууралуу маалыматтар, талаа өлчөөлөрдүн жана адистештирилген уюмдар тарабынан жүргүзүлгөн эсептөөлөрдүн жыйынтыктарын эске алуу менен бааланган маалыматтар;

тоо тектер массивинин курамы тууралуу маалыматтар;

тоо тектер массивин түзгөн тектер менен топурактардын физикалык-механикалык касиеттери тууралуу маалыматтар. Бул маалыматтар жер астындагы иштердин таасирин эске алуу менен курулушту эсептөөдө эске алынуучу эң төмөнкү белгиге чейинки геологиялык кесилиште каралат;

имаратты же курулманы куруу жана жер астындагы иштердин жүрүшүнүн убакыт ырааттуулугу тууралуу маалыматтар.

5.1.2 Имараттар менен курулмалардын конструкцияларындагы күчтөрдүн өзгөрүшүнө жер астындагы иштердин таасирин баалоо үчүн болжолдуу ыкмаларды колдонууга жол берилет. Бул ыкмаларда жер астындагы иштердин таасири сырткы таасир катары берилет, бул учурда топурак массасынын жылышынын мульдасынын чегинде каралып жаткан имарат же курулма эске алынбай аныкталат (глобалдуу жылышуулар).

Глобалдык жылышууларды эсептөө үчүн топурак массасынын чыңалуу-деформация абалынын өзгөрүшүн чектүү элементтер ыкмасы менен моделдөөчү программалык каражаттарды, ошондой эле байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыктарын жалпылоонун негизинде алынган эмпирикалык формулаларды колдонууга болот. Бул учурда имараттын же курулманын жалпы жылышуулары глобалдык жылышууларды, негиздин деформациялануучу касиетин жана имараттын же курулманын катуулугун эске алуу менен эсептелген глобалдык жана жергиликтүү жылышуулардын суммасы катары каралат.

Курулма менен негиздин иштөө шарттарын моделдөөдө кабыл алынган тегиздик маселелеринин алкагындагы схемалоодо (жер астындагы кен чыккан жердин узундугу боюнча же туурасынан, же жер астындагы кен казып алуунун огу боюнча жайгашкан кеңейтилген курулуш) бул аракеттер төмөнкү параметрлердин жыйындысы менен мүнөздөлөт:

чөгүү η, мм;

курулманын огу боюнча негиздин бетинин жантаюусу *i,* мм/м;

ийрилик (томпоктук, чуңкурлук) *p*, 1/км же ийриликтин радиусу *R*=1/*p*, км, курулманын огу аркылуу өткөн вертикалдык тегиздикте;

курулманын огу боюнча горизонталдык жылышуусу, мм;

курулманын огу боюнча салыштырмалуу горизонталдык чоюлуу, же кысылуу деформациясы ε, мм/м;

Жер бетинин деформацияларынын схемалары жана түрлөрү типтүү мисалдар менен А тиркемесинде берилген.

Эгер курулманын огунун жээгинде жайгашкан мульданын бардык негизги огу *(x)* боюнча *η(x)* жана *ζ(x)* маанилеры берилсе, анда *i(x), r(x), ε(x)* параметрлери *η(x)*, *ζ(x)* аркылуу белгилү айырма катыштары аркылуу аныкталат:

$$i(x)=(\eta(x+\Delta x)-\eta(x))/\Delta x;$$

$$\rho(x)=\left|\frac{i(x+\Delta x)-i(x)}{\Delta x}\right|;$$

$$\varepsilon(x)=(\xi(x+\Delta x)-\xi(x))/\Delta x.$$

Эгерде тегиздик маселесинин схемасын баштапкы маалымат катары колдонуу мүмкүн эмес болсо, анда мульданын бардык чекиттеринде базалык беттин жылышуу векторунун бардык компоненттерин коюу жана имараттар менен курулмалардын конструкцияларынын мейкиндик иши эске алынышы керек. Мульда жылышуусунун чегинде жер бетинин деформацияларынын мейкиндик мүнөзүн жалпылап сүрөттөгөн кошумча параметрлер төмөнкүлөр болуп саналат:

буралуу *s*, 1/км;

кесүү *y*, мм/м.

Эгерде каралып жаткан тоо-геологиялык шарттарда жер астын иштетүүнүн болжолдуу маалыматтары боюнча (мисалы, тик жантайма катмарларды иштетүүдө) мульда бетинин формасы үзгүлтүксүз өзгөрүшү мүмкүн болсо, анда мульданын чегинде алардын болжолдуу жайгашуусун көрсөтүү менен кырлардын чоңдугу *h*, см аныкталышы керек.

Долбоордо каралган учурларда, жер бетинин деформацияларынын өсүү ылдамдыгы *v*, мм/(м мес) эске алынат.

5.1.3 Иштелип жаткан аймактарда имараттар менен курулмаларды долбоорлоо учурунда баштапкы маалымат катары (иштетүүнүн календардык пландары бар учурда) күтүлүүчү максималдуу же (календардык пландар жок учурда) ыктымал жер бетинин жылышуулары жана деформацияларынын өлчөмдөрү мульданын жылышынын бардык чекиттеринде, же анын болжолдуу негизги багыттарындагы чекиттерде кабыл алынышы керек.

5.1.4 Учурдагы курулуш шарттарында ар кандай максаттар үчүн жер астындагы сызыктуу курулуштарды (тоннелдер, коллекторлор, түтүктөр ж.б.) курууда курулуштун натыйжасында пайда болгон деформацияларды эсептөө зарыл (А тиркемесин кара).

Эсептөөдө интегралдык мүнөздөмөлөрдүн таасиринин интенсивдүүлүгүн (топурактын ашыкча болушу ж.б.) эске алууга уруксат берилет.

5.1.5 Иштетилүүчү аянттар 5.1-таблицага ылайык мульданын негизги огу боюнча жер бетинин деформацияларынын маанилерине жараша топторго бөлүүгө болот.

5.1 – т а б л и ц а

| Аймактар тобу | Иштетилүүчү аймактардын жер бетинин деформациялары | | |
|---|---|---|---|
| | салыштырмалуу горизонталдык деформация мм/м | жантаюу *i*, мм/м | ийириликтин радиусу *R*, км |
| I | $12 \geq \varepsilon > 8$ | $20 \geq \varepsilon > 10$ | $1 \leq P < 3$ |
| II | $8 \geq \varepsilon > 5$ | $8 \geq \varepsilon > 7$ | $3 \leq P < 7$ |
| III | $5 \geq \varepsilon > 3$ | $5 \geq \varepsilon > 5$ | $7 \leq P < 12$ |
| IV | $3 \geq \varepsilon > 0$ | $3 \geq \varepsilon > 0$ | $12 \leq P < 20$ |

Кен байлыктарды казып алуу учурунда жер бетинде кырлар пайда болгон иштетилүүчү аянттарды 5.2-таблицага ылайык топторго бөлүү керек.

5.2 – т а б л и ц а

| Аймактар тобу | Iк | IIк | IIIк | IV к |
|---|---|---|---|---|
| Кырлардын бийиктиги *h,* см | $25 \geq h > 15$ | $15 \geq h > 10$ | $10 \geq h > 5$ | $5 \geq h > 0$ |

5.1.6 Имараттарды жана курулмаларды эсептөөдө жүктөм факторлору катары эсептөөдө эске алынган жер бетинин деформацияларынын эсептелген маанилери жер бетинин деформацияларынын күтүлгөн (болжолдуу) маанисин 5.3-таблицага ылайык алынган ашыкча жүктөмдүн тиешелүү коэффициенттерине көбөйтүү жолу менен аныкталууга тийиш.

5.3 – т а б л и ц а

| Жылышуулардын жана деформациялардын түрлөрү | Коэффициент, *n* | | |
|---|---|---|---|
| | аталышы | деформацияларды жана жылышууларды эсептөө үчүн | |
| | | күтүлгөн | ыктымалдуу |
| Чөгүү η | $n_\eta$ | 1,2(0,9) | 1,1(0,9) |
| Горизонталдык жылышуу ξ | $n_\xi$ | 1,2(0,9) | 1,1(0,9) |
| Жантаюу *I* | $n_i$ | 1,4(0,8) | 1,2(0,8) |
| Чыңалуунун горизонталдык чоюлушу же кыылуусу ε | $n_\varepsilon$ | 1,4(0,8) | 1,2(0,8) |
| Ийри ρ | $n_\rho$ | 1,8(0,6) | 1,4(0,6) |
| Кыр *h* | $n_h$ | 1,4(0,8) | 1,2(0,8) |
| Буралуу *s* | $n_s$ | 1,8 | 1,4 |
| Кесүү *γ* | $n_\gamma$ | 1,4 | 1,2 |
| Э с к е р т ү ү – Ар кандай типтеги деформациялардын маанисинин төмөндөшү курулуштардын эмгек шарттарын начарлатышы мүмкүн болгон учурда, жер бетинин эки же андан көп типтеги максималдуу деформацияларынын бир эле учурда аракетин эсептөөдө п < 1 коэффициенттери эске алынышы керек. | | | |

5.1.7 Жер бетинин деформацияларынын таасири боюнча имараттарды жана курулуштарды эсептөөдө 5.4-таблица боюнча кабыл алынган *m* иш шарттарынын тиешелүү коэффициенттерин киргизүү зарыл.

5.4 – т а б л и ц а

| Деформация | Иш шарттарынын коэффициенттери *m* | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Аталышы | Имараттын (курулманын) бийиктигинин узундугуна болгон катышы *h/l* болгондо | | |
| | | 0,5ке чейин | 0,5тен 1ге чейин | 1ден жогору |
| Салыштырмалуу горизонталдык | $m_\varepsilon$ | 1,0 | 0,8 | 0,7 |

*5.4 – таблицанын аягы*

| Деформация | Аталышы | Иш шарттарынын коэффициенттери *m* | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Имараттын (курулманын) бийиктигинин узундугуна болгон катышы *h/l* болгондо | | |
| | | 0,5ке чейин | 0,5тен 1ге чейин | 1ден жогору |
| Жантаюу i | $m_i$ | 1,0 | 0,8 | 0,7 |
| Ийрилик ρ | $m_ρ$ | 1,0 | 0,7 | 0,5 |
| Буралуу s | $m_s$ | 1,0 | 0,7 | 0,5 |
| Кесүү | $m_γ$ | 1,0 | 0,8 | 0,7 |

Э с к е р т ү ү л ө р

1 Имараттын (курулманын) кесилишин кароодо l катары анын туурасы кабыл алынышы керек.

2 План боюнча тегерек болгон имарат (курулма) үчүн 1 анын сырткы диаметри катары кабыл алынышы керек.

3 Мунара тибиндеги имарат (курулма) үчүн $l < 15$ м $m_i = 1{,}5$ кабыл алуу керек.

4 60 метр жана андан узун көпүрө крандарынын жолу үчүн mi = 0,5 деп алуу керек.

кыймылдуу конструкциялардын элементтеринин ортосундагы аба менен суу өтпөгөн жиктердин болушу;

негиздин деформацияланган учурунда конструкциялык элементтердин туруктуулугу.

6.4.4 Аралаш конструкциялык схема боюнча долбоорлоо учурунда зарыл болгон учурда катуу (6.4.2 кара) жана ийкемдүү (6.4.3-кара) схемалар боюнча чараларды айкалыштыруу менен жер астындагы жана жер үстүндөгү бөлүктөрдүн ар кандай курулуш схемаларын колдонуу каралышы керек, анын ичинде:

ийкемдүү конструкциялык схема боюнча долбоорлонгон имараттар жана курулмалар үчүн, эреже катары, катуу конструкциялык схема боюнча пайдубалды орнотуу;

катуу конструкциялык схема боюнча долбоорлонгон көп кабаттуу имараттар жана курулмалар үчүн, кээде ийкемдүү конструкциялык схема боюнча жер астындагы пайдубалды орнотуу;

катуу конструкциялык схема боюнча долбоорлонгон имараттардын жана курулуштардын бөлүктөрү мүмкүн болгон бирдей эмес чөгүү деформацияларын эске алып долбоорлонууга тийиш.

6.4.5 6.4.1, б жана 6.4.1, в. ылайык долбоорлонгон планда татаал формадагы имараттар менен курулмаларды деформациялык жиктер менен тик бурчтуу же ага жакын жөнөкөй формадагы бөлүктөргө бөлүү керек. Бөлүктөрдүн ичиндеги имараттар менен курулмалардын бийиктигин бирдей кабыл алуу керек, ал эми бөлүктөрдүн узундугу чөгүү деформациясынын эсептик маанилерине, негиздин физикалык-механикалык касиеттерине, кабыл алынган курулуш схемасына жана имараттар менен курулмаларды эксплуатациялоонун технологиялык талаптарына жараша эсептөө менен аныкталат.

Бөлүктөрдүн ортосундагы деформациялык жиктер имараттардын жана курулмалардын бардык бийиктиги боюнча, анын ичинде чатыры жана пайдубалы боюнча бөлүнүп турушу керек, негизи деформацияланган учурда бөлүмдүн эркин жантаюусун же айлануусун камсыз кылат. Деформациялык жиктин туурасы 6.4.6 көрсөтмөлөрүнө ылайык эсептелиши керек, бөлүмдүн бийиктигине, узундугуна жана топурак шарттарынын мүнөздөмөлөрүнө жараша болот.

Э с к е р т ү ү – I түрдөгү топурак шартындагы чөкмө топурактарда деформациялык жиктердеги алып жүрүүчү дубалдар менен колонналардын астындагы пайдубалдарга түшүүчү жүктөмдөрдүн айырмасы 1,2 эседен ашпаган учурда аларды кесип бөлбөстөн, үзгүлтүксүз жасоого жол берилет.

6.4.6 Иш-чаралар комплексинин негизинде долбоорлоодо катуу конструкциялык схемасы менен имараттардын жана курулмалардын бөлүмдөрүнүн ортосундагы деформациялык жиктин туурасы төмөнкү формулалар боюнча аныкталууга тийиш:

пайдубалдын түбүнүн деңгээлинде $r \geq L$

$$a_d = \frac{\varepsilon_u\left(2rL - L^2 - 0{,}5r^2\right)}{L}, \tag{6.1}$$

пайдубалдын негизинин деңгээлинде $L/2<r<L$

$$a_d = \frac{\varepsilon_u r^2}{2L}, \tag{6.2}$$

карниздин деңгээлинде

$$a_d = 2a_d + \frac{2s_{sl.g}H\gamma_u}{r}, \tag{6.3}$$

мында $\varepsilon_u$ – И тиркемесинин (И.21) формуласы менен аныкталган салыштырмалуу горизонталдык деформациянын мааниси;

$L$ – имарат бөлүгүнүн узундугу;

$r$ – И тиркемесинин формуласы (И.14) боюнча аныкталган топурактын өз салмагынан чөгүшүнүн ийри сызыктуу бөлүгүнүн эсептелген узундугу;

$H$ – имараттын пайдубалдын түбүнөн дубалдын үстүнө чейинки бийиктиги;

$S_{sl.g}$ – топурактын өз салмагынан чөгүүсүнүн өлчөмү;

$\gamma_u$ – имараттын негизи менен биргелешкен иштөөсүн эске алуучу иш шарттарынын коэффициенти, $r < L$ жана $\gamma_u$ жана $r \geq L$ болгондо $\gamma_u = (r/L)^2$ барабар катары кабыл алынат.

Бөлүктөр ортосундагы деформациялык жиктин туурасы төмөнкүдөй болушу керек:

$H \leq 10$ м болгондо $a_d = 10$ см;

Н ≥ 30 м - 30 см;

$30 > H > 10$ $a_d$ интерполяция менен аныкталат.

6.4.7 Лифт шахталары II типтеги топурак шартындагы аянттарда пайда болгон топурактын өз салмагынан чөгүп кетишинен мүмкүн болгон жантаюуларды жана горизонталдык жылышууларды эске алуу менен долбоорлонууга тийиш. Шахталардын дубалдарынын вертикалдык тегиздиктен эсептелген четтөөлөрү лифттер үчүн белгиленген мамлекеттик стандарттардын деңгээлинен ашып кеткен учурларда, шахтада лифттин горизонталдык абалын жөнгө салуу мүмкүнчүлүгү долбоордо каралышы керек, буга байланыштуу

планда анын өлчөмдөрү (6.3) формуласы боюнча эсептелген кеңейтүү бирикмесинин туурасынан 0,5 эсеге көбөйтүлүшү керек.

6.4.8 Имараттарга жакын жайгашкан инженердик курулмаларды имараттардан деформациялык жиктер бөлүп турушу керек, алардын туурасы 6.4.5 жана 6.4.6 берилген көрсөтмөлөргө ылайык аныкталат.

6.4.9 Чөгүү деңгээли боюнча II типтеги чөкмө топурактарда долбоорлонгон имараттардын жана курулмалардын пайдубалдарында жер төлөлөрдүн дубалдарында, же жер астындагы бөлүктөрүндө инженердик коммуникацияларды киргизүү жана чыгаруу үчүн бир катар чараларды колдонуу менен орнотууда, төмөнкүдөй бийиктиктеги тешиктер же оюктар каралышы керек: тешиктин үстүнөн түтүктүн үстүнө чейинки аралык $0{,}25s_{sl.g}$ – өз салмагынан келип чыккан чөгүүнүн эсептелген маанисинен жана $s_u$ – долбоорлонгон имараттын же курулманын орточо чөгүүнүн чегинен кем эмес, ал эми түтүктүн астынан фундаменттин таманына чейинки аралык 0,2 м кем болбошу керек.

6.4.10 Чөгүү деңгээли боюнча II типтеги чөкмө топуракта бир катар чараларды колдонуу менен долбоорлонгон бир кабаттуу каркас имараттар менен курулмаларды көпүрөлүү, эшек жана башка крандар менен жабдылганда, кран жолун түзөтүүнү, металл колонналарды вертикалдуу багытта $0{,}5s_{sl.g}$ же $0{,}5s_u$ өлчөмүндө көтөрүүнү жана кран рельсинин башынын $0{,}25u_s$ – мүмкүн болгон горизонталдуу жылышын (6.4.3) формуласы боюнча К тиркемесинин көрсөтмөлөрүн эске алуу менен эсептеш.

6.4.11 Чөгүү деңгээли боюнча II типтеги чөкмө топурактагы технологиялык жабдуулардын астындагы пайдубалдарды долбоорлоодо анын вертикалдуу жана горизонталдуу багыттагы абалын эксплуатациялоо талаптары менен аныкталган өлчөмдө түзөтүү зарылчылыгын жана мүмкүндүгүн, ошондой эле 6.3.1 каралган чараларды эске алуу менен негиздин топурактарынын мүмкүн болгон деформацияларын эске алуу керек.

6.4.12 Чөкмөлүк деңгээли боюнча II типтеги топурак шартында курулуп жаткан имараттар менен курулмалардын долбоорлорунда геотехникалык мониторингди жүргүзүү боюнча көрсөтмөлөр болушу керек.

Курулуш иштери үчүн негизги эсептөө талаптары:

6.4.13 Чөкмө топурактарга долбоорлонгон имараттар менен курулмалардын конструкцияларын МамСТ 27751 ылайык эки жол менен эсептөө керек: биринчиси – алып көтөрүмдүүлүгү боюнча, экинчиси – деформация боюнча.

Бул учурда имарат менен курулмалардан конструкцияларына берилген жүктөмдөрдөн, ошондой эле негизги чөкмө топурактардын физикалык-механикалык касиеттеринин өзгөрүшүнө жана алардын чөгүү жана горизонталдуу жылышуу сыяктуу бир калыпта эмес деформацияларынын өнүгүшүнө байланыштуу чектик абалдар эске алынышы керек.

6.4.14 Туруктуу, узак мөөнөттүү, кыска мөөнөттүү мүмкүн болгон жүктөмдөрдөн жана топурактын чөгүүсүнөн келип чыккан атайын жүктөмдөрдүн айкалыштары боюнча конструкцияларды эсептөөнү эң жагымсыз таасирлердин айкалыштары боюнча жүргүзүү керек (6.4.15 - 6.4.17), ал айкалыштар сызыктуу, пландуу чектелген же аянттык нымдоо булактарынан, үстү жактан авариялык нымдашуу учурунда же жер астындагы суулардын деңгээли көтөрүлгөндө пайда болот. Эгерде чөкмө катмарды толугу менен кесип өтүүчү ыкмалар жана пайдубалдар колдонулса, мисалы, жер казыктуу пайдубалдар, тыгыздалган, бекемделген, арматураланган массивдер, же терең салынган пайдубалдар, анда алардагы терс сүрүлүү күчтөрүнөн келип чыккан кошумча жүктөмдөрдү эске алуу керек.

6.4.15 Чөкмө топурактарга куруу пандаштырылып жаткан имараттар менен курулмалардын конструкцияларынын чыңалуу-деформация абалы алардын негизи менен биргелешкен эсептөөлөрүнүн алкагында аныкталышы керек.

Негиздин деформациясынын эсептөө схемаларын тандоодо жана эсептөөлөрдү жүргүзүүдө төмөнкү ыкмалардын бирин колдонууга жол берилет:

а) Топурак массасынын чөгүү деформацияларын моделдештирүүгө жана фундамент конструкциясынын деформацияланып жаткан негиз, анын ичинде казык негиз менен өз ара аракеттешүүсүн эске алууга мүмкүндүк берүүчү компьютердик лицензияланган программаларды колдонуу менен математикалык моделдештирүү ыкмасын колдонуу менен;

б) Эксперименталдык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын негизинде иштелип чыккан жана долбоорлоо практикасында текшерилип, ченемдик документтер менен сунушталган жабык чечимдерди жана эмпирикалык формулаларды колдонуу менен;

6.4.16 Математикалык моделдөөдө чыңалууларды жана деформацияларды аныктоо үчүн туура эсептөө схемалары менен моделдерди (ЧЭМ, ЧАМ, СЧА) колдонуу керек, сызыктуу, аянттык жана башка нымдоо булактарынан чөкмө топурактарга суунун таралышы жөнүндө эксперименталдык жана эсептөө маалыматтарын, топурактардын физикалык-механикалык касиеттери, нымдуулук жана чыңалуу талааларынын таасиринен улам алардын өзгөрүшү жөнүндө маалыматтарды колдонуу керек. Топурактын өз салмагынан келип чыккан чөгүү деформацияларын нымдуу топурак массивинде, андагы вертикалдык чыңалуулар баштапкы чөгүү басымынан ашып, салыштырмалуу чөгүү 0,01 ашып кеткен жерде моделдөө керек. Сызыктуу жана аянттык нымдоо булактарынан топурактарды нымдоодо чөгүүлөр моделдөө жүргүзүлүүчү нымдуу топурак массивинин өлчөмдөрүн жана конфигурациясын И тиркемедеги (И.5) маалыматтарды эске алуу менен 6.2-сүрөттөн аныктоого болот.

Бул учурда сызыктуу жана аянттык нымдоо булактарынан нымдалганда топурактын чөгүүсүн эске алуу керек, алардын туурасы тиешелүү түрдө 1 жана 2 м кем болбошу керек.

Нымдалган топурак массивиндеги чөгүүнүн сандык моделдөөсү андагы топурактын өз салмагынан, пайдубалдын жүктөмүнөн, пландоочу толтуруулардын салмагынан жана башка жүктөмдөрдөн келип чыккан чыңалуулар таасир эткенде, биринчи жакындатууда эки ыкма менен жүргүзүү жол берилет:

чөкмө топурак массивинин чыңалуу-деформация абалын табигый нымдуулуктагы жана сууга каныккан абалдагы деформация модулу менен салыштырмалуу эсептөө (эки ийри сызык ыкмасы менен чөгүүнү аныктоого окшош);

сууга каныккан чөкмө топурак массивинин эсептөө схемасында күтүлгөн чөгүүнүн көлөмдүк деформацияларына туура келген көлөмдүк деформацияларды берүү.

6.4.17 Негиздердин, ошондой эле имараттар менен курулмалардын конструкцияларынын чыңалуу-деформация абалын аныктоодо, ошондой эле биринчи жана экинчи чектик абалдагы негиздерди эсептөө үчүн туюк чечимдерди жана эмпирикалык формулаларды колдонууда топурактарды нымдоонун жана чөгүү деформацияларынын өнүгүшүнүн шарттуу эсептөө схемаларын (6.2-сүрөт) колдонууга жол берилет, алар талаа шартындагы ири масштабдуу изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына негизделип, азыркы учурдагы ченемдик документтер менен жөнгө салынат.

6.4.18 Чөкмө топурактарды нымдоонун натыйжасында пайда болгон негиздин деформация схемаларын тандоодо, эреже катары, нымдоо булагынын жайгашуусунун эки негизги учурун кароо керек: биринчиси – имараттын же курулманын ортосунда, экинчиси – имараттын же курулманын четинде (6.3-сүрөт, 6.4-сүрөт).

6.4.19 Чөкмөлүгү боюнча I типтеги топурак шартында, жогорку деформациялуу $h_{sl.p}$ зонасындагы топурактын чөгүшү толугу менен, же жарым-жартылай жоюлбаган негиздин тигинен жылышуусунун эсептөө схемасын имараттын же курулманын пайдубалынан берилүүчү тышкы жүктөмдүн жана топурактын өз салмагынын биргелешкен таасири, ошондой эле $h_{sl.p}$ зонасынан (6.1-сүрөттү кара) төмөндөгү топурактын физикалык-механикалык касиеттеринин өзгөрүшүн эске алуу менен кабыл алуу керек, аны катмарлуу катуулуктагы негиз катары (топурак сууланган зоналарда бир калыпта эмес чөгүү болгон участоктор менен) кабыл алуу керек.

Катмарлуу катуулуктагы негиздин $a_0$ (6.3-сүрөттү кара) жер тилкесинин узундугун пайдубалдын тереңдигине, суу булагынын жайгашуу тереңдигине,

топурактын чөгүү зонасы $h_{sl.p}$, суунун капталга жайылуу бурчу $\beta$ жана башка факторлорго жараша И тиркемесине ылайык аныктоо керек.

Негиздин жергиликтүү нымдалышында анын катуулугунун өзгөрүү схемасын катуулук коэффициенттеринин минималдуу $C_1$ жана максималдуу $C$ маанилеринен сызыктуу мыйзам боюнча алууга жол берилет (6.3-сүрөттү караңыз). $C_1$ жана $C$ коэффициенттеринин маанилери И тиркемесине ылайык аныкталат.

6.4.20 Чөкмөлүгү боюнча II типтеги топурак шартында куруу үчүн долбоорлонуп жаткан имараттар менен курулмаларды эсептөөдө чөгүү оюгунун имарат же курулмага карата эң жагымсыз жайгашуусунда каралышы керек (6.2, 6.3 - сүрөттү кара.)

а) имараттын же курулманын ортосунда $L \geq 2r$ болгондо ийилүү жана ортоңку бөлүгүндө кысылуунун салыштырма горизонталдуу деформациясы минус $\varepsilon_{u.sl}$ жана томпоктун ийрилиги менен оюктун четтеринде чоюлуунун салыштырма горизонталдуу деформациясы плюс $\varepsilon_{u.sl}$ ийилүү болгондо;

б) имараттын же курулманынн астында $L<2r+b_o$ болгондо ийилүүнүн ийрилиги жана кысылуунун салыштырма горизонталдуу деформациясы минус $\varepsilon_{u.sl}$ болгондо;

в) имараттын же курулманын четинде томпоктун ийрилиги менен чоюлуунун салыштырма горизонталдуу деформациясы плюс $\varepsilon_{u.sl}$ болгондо.

Э с к е р т ү ү – Эгерде топурак өз салмагынан улам чөккөндө, ал эми $s_{sl.g} \leq$ 20 см болсо, анда жоопкерчиликтин III деңгээлиндеги имараттар менен курулмалардын конструкцияларын эсептөөдө жер бетинин горизонталдуу деформацияларын эске албоого жол берилет.




6.3-сүрөт – Чөкмөлүгү боюнча I типтеги топурак шартындагы негиздин катуулугунун өзгөрүү схемалары

*а* – имараттын же курулуштун ортосундагы негиздин нымдалышы; *б* – ошол эле, четинде

6.4.21 Эгерде мындай деформациялардан келип чыккан күчтөр башка (негизги) түрлөрүндөгү жүктөмдөрдөн жана таасирлерден келип чыккан күчтөргө караганда жетишсиз экендиги аныкталса, эсептөөлөрдө жер бетинин айрым

деформацияларын (горизонталдуу жылышуулар, кыйшаюулар ж.б.) эске албоого болот.

6.4.22 Имараттар менен курулмалардын конструкцияларындагы күчтөрдү жана деформацияларды аныктоо үчүн колдонулган деформацияларды эсептөө схемалары имараттар менен курулмалардын чыныгы иштөө шарттарын жана негиз менен өз ара аракеттенүү өзгөчөлүктөрүн керектүү тактыктагы деңгээлде чагылдырышы керек. Зарыл учурларда аларда конструкция материалдарынын мейкиндикте иштөөсүн, геометриялык жана физикалык сызыктуу эмес болушун, ошондой эле жымышуучулугун эске алуу керек.

Курулуш конструкцияларынын иштешинин сызыктуу эмес факторлорун комплекстүү кароо керек: физикалык жана конструктивдик сызыктуу эместик, жүктөмдүн өзгөрмө мүнөзү ж.б. Конструкциялардагы күчтөрдүн чоңдугуна ар бир фактордун таасир этүү даражасын ишенимдүү баалоосуз, кандайдыр бир жактуу факторду эске алууга жол берилбейт.



6.4-сүрөт – II типтеги топурак шартындагы негиздин өз салмагынан келип чыккан чөгүү жана катуулук коэффициенттерин эсептелген өзгөрүүлөрү

а – имараттын ортосунда жайгашкан (ийилүү) нымдоо булагы; $a'$ – имарат ийилгенде катуулук коэффициентинин өзгөрүү схемасы; б –имараттын четтеринде жайгашкан (ийилүү) нымдоо булагы; б' – имарат ийилгенде катуулук коэффициентинин өзгөрүү схемасы; 1 – топуракты нымдоо булактары; 2 – өз салмагынан келип чыккан топурактын чөгүү ийрилиги

6.4.23 Конструкцияларды топурактын чөгүүсүнөн жана анын физикалык-механикалык касиеттеринин өзгөрүшүнөн келип чыккан таасирлерге эсептөө керек, бул учурда имараттын же курулманын негизи менен бирге иштөө шартынан келип чыгат. Негиз менен пайдубалдын байланышынан пайда болгон нормалдуу жана тийиштүү чыңалуулардын маанилерине жараша негиздин моделин төмөнкүдөй кабыл алууга болот:

а) сызыктуу-серпилгич тутум:

б) сызыктуу эмес серпилгич эмес тутум, туруктуу абалдагы топурак негизиндеги деформация менен жүктөмдүн ортосундагы сызыктуу эмес

байланышты, жүктөө жана бошотуу учурундагы негиздин деформациялык касиеттеринин айырмасын, пайдубал менен негиздин ортосундагы байланыштын бузулушун чагылдырат.

в) курулуш жана эксплуатациялоо мезгилдериндеги ар кандай убакытттарда негиздин деформациялык касиеттерин чагылдырган реологиялык тутум (топурактын туруксуз абалында)

Негиз менен пайдубалдын байланышындагы негиздин деформациялык касиеттерин кысуу учурундагы бир катуулук коэффициентин - С колдонуу менен аныктоого, ал эми И тиркемесине ылайык аныкталган G жылдырууда негиздин катуулук коэффициентин кошумча колдонуу менен вертикалдуу жана горизонталдуу деформацияларды бир учурда эсепке алууга жол берилет.

6.4.24 Имараттар менен курулмалардын конструкцияларында $s_{sl.g}$ > 0,3 м чоңдуктагы өз салмагынан келип чыккан топурактын чөгүүсүнөн пайда болгон күчтөрдү аныктоодо төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:

а) вертикалдуу (чөгүү $s_{sl.g}$, алардын салыштырмалуу айырмачылыгы $\Delta s_{sl}/L$ ж.б.) жана горизонталдуу жылышуулардын биргелешкен таасири боюнча эсептөөнү жүргүзүү, бул учурда эсептөө үчүн бул жылышуулардан конструкцияларда бир убакта пайда болгон жалпы күчтөрдү кабыл алуу керек;

б) эгерде негиздин бетинин деформациясынын айрым түрлөрү өзүнүн максималдуу маанилерине жеткендиги тууралуу маалыматтар болсо, ошол эле учурда конструкцияда бир белгидеги күчтөрдү пайда кылса (күчтөр кошулат), анда ушул деформация түрлөрүнөн келип чыккан эки күчтү 6.4 формула боюнча, ал эми үч күчтү 6.5 формула боюнча кошуу керек:

$$X = \sqrt{X_1^2 + X_2^2}; \tag{6.4}$$

$$X = \sqrt{X_1^2 + X_2^2 + X_3^2}, \tag{6.5}$$

мында $X_1$, $X_2$, $X_3$ – негиздин бетинин ар кандай деформацияларынан келип чыккан күчтөр (мисалы, чөгүүдөгү вертикалдык жана горизонталдуу жылмышуулардан, ошондой эле жер титирөөдөн, жер көчкүдөн ж.б.).

6.4.25 Имараттардын жана курулмалардын конструкциясындагы күчтөрдү жана деформацияларды аныктоодо колдонулган эсептөө схемалары чыныгы шарттарды жана негиз менен өз ара аракеттенүүнү эске алуу менен түзүлүшү керек. Керек учурда бул схемалар конструкциялардын материалдарынын мейкиндиктеги иштешин, геометриялык жана физикалык сызыктуу эместигин, жылмышуу жөндөмүн эске алуу керек.

Курулуш конструкцияларынын иштешинин сызыктуу эмес факторлорун комплекстүү түрдө эске алуу керек: физикалык жана конструкциялык сызыктуу эмес болуу, жүктөмдүн өзгөрмө мүнөзү ж.б. Конструкциялардагы күчтөрдүн

чоңдугуна ар бир фактордун таасиринин деңгээлин ишенимдүү баалоосуз, кандайдыр бир жактуу факторду эске алууга жол берилбейт.

Эгерде жогорудагы көрсөтүлгөн татаал факторлорду эске алуу мүмкүн эмес болгон учурда имараттардын жана курулмалардын конструкцияларын эсептөөнүн сандык ыкмаларын жана топурак негиздин чыңалган-деформацияланууччу абалын баалоочу ыкмаларды колдонушубуз керек. Бул ыкмалар конструкция менен негиздин өз ара аракеттенүүсүн түшүндүрүү үчүн «контакттык моделдерди» жана конструкциядагы күчтөрдү аныктоо үчүн курулуш механикасынын мыйзамдарын колдонот.

6.4.26 Негиздин моделин тандоо үчүн негизди сызыктуу-серпилгич тутуму түрүндөгү негиздин моделин колдонуп эсептөө жүргүзүү керек.

Эгерде бул эсептөөнүн натыйжасында алынган нормалдуу $\rho$ жана тийиштүү $\tau$ чыңалуулардын маанилери негиз менен пайдубалдын өзүнчө бөлүктөрүндөгү айрым участоктордо төмөнкү шарттарга жооп берсе:

$$0{,}5\rho_n \le \rho \le 1{,}5R; \tag{6.6}$$

$\rho > 1{,}5\ R$ участогунда $A \le 0{,}24\ A_\rho$;

$\tau \le 0{,}5\tau_{max}$ же $\tau > 0{,}5\tau_{max}$ жер тилкесинде $A \le 0{,}2A_\tau$,

анда эсептөөнү сызыктуу-серпилгич тутумду колдонуп жүргүзүүгө уруксат берилет.

(6.6) формулада $\rho_n$ – курулмадан негизге чөгүү пайда болгонго чейин таасир эткен баштапкы нормалдуу басым;

$R$ – КЧжЭ 2.02.01 талаптарына ылайык аныкталган негиздин топурагын эсептөө менен алынган каршылыгы $R$;

$\tau_{max}$ – КЧжЭ 2.02.01 талаптарына ылайык аныкталган пайдубал түбүндөгү тийиштүү чыңалуунун кПа чектик мааниси.

А – негиз менен пайдубалдын байланышкан жеринде $\rho$ жана $\tau$ чыңалуулар чектен ашкан аянты м;

$A_\rho$ жана $A_\tau$ – негиз менен пайдубалдын байланышкан жеринде нормалдуу жана тийиштүү чыңалуулар пайда болгон бөлүктөрдүн аянттары м.

Эгерде (6.6) шарты аткарылбаса, анда сызыктуу эмес серпилгич эмес тутум түрүндөгү негиздин моделин колдонуу менен эсептөө керек.

6.4.27 Имараттар менен курулмалардын көтөрүүчү конструкцияларында топурак негизинин жеке салмагынан улам чөгүп кетишинен пайда болгон горизонталдык деформациялардын таасиринен келген күчтөрдү имараттын же курулманын жер астындагы бөлүгүнүн конструктивдик өзгөчөлүгүнө, пайдубалдын тереңдиги, топурак менен аянттын байланышын, топурактын физикалык-механикалык касиеттери, анын ичинде, курулуш процессинде жана эксплуатациялоо мезгилиндеги өзгөрүшүн, пайдубалга учурдагы жүктөмдөргө жараша төмөнкүлөрдү эске алуу менен аныкталат:

а) пайдубалдын түбүн жылыштыруучу күч;

б) пайдубалдын каптал бетинде пайда болгон жылышуу күчтөрү;

в) жылышкан топурактын пайдубалдын алдыңкы бетине нормалдуу басымы.

6.4.28 Имараттар менен курулмаларды долбоорлоодо кран жолдорун, лифт шахталарын жана башка конструкцияларды түзөтүү менен бирге, пайдалануу учурунда кээ бир конструкцияларды, бөлүктөрдү, чөгүү жиктери менен бөлүнгөн бөлүктөрдү жана жалпысынан имараттар менен курулмаларды домкраттар менен көтөрүү же пайдубал астындагы топуракты жарым-жартылай казып алуу аркылуу төмөндөтүү, имараттын же курулманын астындагы чөкмө топурактарды нымдоо жолу менен жөнгө салуу аркылуу тегиздөө мүмкүнчүлүгүн эске алуу керек. Буга байланыштуу, негиздин бир калыпта эмес деформациясына жана тегиздөө этабында конструкциялардын кошумча эсептөөлөрүн жүргүзүү керек.

Тегиздөө эсептөөлөрүндө тегиздөөчү түзүлүштөрдөн (домкраттар, анын ичинде тегиздөөчү түзүлүштөрдөн ага берилген басымдан улам негиздин туруктуулугун текшерүү да кирет) келген жүктөмдөрдү кабыл алуучу имараттын пайдубалы жана жер төлө бөлүгүнүн конструкцияларынын көтөрүмдүүлүгүн жана туруктуулугун текшерүү керек.

Э с к е р т ү ү – Жоопкерчиликтин III деңгээлиндеги имараттар менен курулмалардын, ошондой эле жергиликтүү топурак шартында курулуш жана эксплуатациялоо боюнча жетиштүү оң тажрыйбасы бар массалык курулуш объектилеринин конструкцияларына топурактын чөгүүсүнүн таасирин эсептөөлөрдү жүргүзбөөгө жол берилет.

## А тиркемеси

## Жер бетинин типтүү жылышуулары менен деформацияларынын мисалдары




А.1-сүрөт – Катмарлуу кенди иштетүүдө жер бетинин жылышуусунун жана деформациясынын түрлөрүнүн иллюстрациясы

*а* – көмүр катмарлары кыйгач жатканда кыскача тилке боюнча вертикалдык кесилиш; *б* – ошол эле, көмүр катмарлары тик жатканда; *в* – катмардын узуну боюнча тик кесилиши; 1 – чөгүү ийри сызыктары; 2 – жантаюу эпюралары; 3 – ийрейүү эпюралары; 4 – салыштырмалуу горизонталдуу деформациялардын эпюралары; 5 – горизонталдуу жылышуулардын эпюралары; б – катмар; 7 – казып алуу иштери; 8 – казып алуу иштери башталганга чейинки жер бетинин абалы; $\eta_{max}$ – жер бетинин максималдуу чөгүшү; $\beta_0$, $\gamma_0$, $\delta_0$ – жылышуунун чек аралык бурчтары; $\psi_1$, $\psi_2$, $\psi_3$, – толук жылышуу бурчтары; θ – максималдуу чөгүү бурчу; α – катмардын түшкөн бурчу.




А.2-сүрөт – Жер астындагы туннель иштеринен улам пайда болгон негиздин деформациясын эсептөө схемасынын мисалы

$S_0$ – жер астындагы иштердин таасиринен негиздин бетинин максималдуу чөгүшүнүн мааниси (адатта, жер астындагы боштуктун борборунун үстүндө); B – чөгүү мульдасынын туурасы, башкача айтканда, бетиндеги чөгүү нөлгө барабар же долбоор талаптарына ылайык

минималдуу мааниге барабар болгон чекиттердин ортосундагы аралык; Н – жайгашуу тереңдиги, $D_0$ – жер астындагы иштетүүнүн мүнөздүү өлчөмү; μ – жылышуунун чек аралык бурчу (иштетүүнүн контурун жылышуу мульдасынын чек аралык чекиттери менен байланыштырган сызыктардын жантаюу бурчу); δ – технологиялык ашыкча казып алуу чоңдугу (өткөрүлгөн иштин чыныгы диаметри менен туннелдин сырткы каптамынын диаметринин айырмасы)

Негиздин бетинин кесилиш формасын "типтүү" ийри сызык менен, мисалы, "Гаусс ийри сызыгы" деп сүрөттөө кабыл алынган.

$$S_м (x) = S_0 \exp (-x^2/a^2)$$

"Типтүү" ийри сызыктардын параметрлери жана түрү табигый байкоолордун маалыматтарынын негизинде, иштин технологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана (жетиштүү баштапкы маалыматтар болгон учурда) сандык эсептөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча аныкталат.

## Б тиркемеси

## Иштелип жаткан аймактарда эксплуатацияланып жаткан имараттарды жана курулмаларды коргоо чаралары

Б.1 Эксплуатацияланып жаткан имараттар жана курулмалар үчүн коргоонун төмөнкүдөй чаралары каралышы керек:

а) тоо-кен иштери, имараттардын жана курулмалардын пайдубалдарынын жана негиздеринин деформацияларын азайтуу;

б) геотехникалык, имараттардын жана курулмалардын пайдубалдарынын жана негиздеринин деформацияларын азайтуу же жоюу;

в) конструкциялык, имараттардын жана курулмалардын негиздеринин деформацияларына сезгичтигин азайтуу, ошондой эле алардын конструкцияларынын деформацияларын азайтуу же жоюу.

Коргоо чаралары катары төмөнкүлөр дагы кызмат кылышы мүмкүн: иштетилген объектини эксплуатациялоо мүнөзүн өзгөртүү, алдын ала пландалган оңдоо же жөндөө иштери.

Б.2 Эксплуатацияланып жаткан имараттарды жана курулмаларды коргоонун тоо-кен чараларына төмөнкүлөр кирет:

а) иштелип бүткөн мейкиндикти толук же жарым-жартылай толтуруу;

б) катмарларды убакыттын өтүшү менен бөлүп иштетүү, тоо-кен иштерин мейкиндикте жайылтуу; катмарларды белгилүү бир ырааттуулукта иштетүү; объектилердин негизиндеги деформацияларды азайтууну камсыз кылган айрым жер тилкелеринде тоо-кен иштерин бир эле учурда жүргүзүү;

в) пайдалуу кендерди аянт жана кубаттуулук боюнча толук эмес казып алуу;

г) казуу зонасында жана тоо-кен казууларынын (анын ичинде алдын ала коргоочу бирикмени түзүү) каптоолорунун контурларынын артында тоо тектерин алдын ала бекемдөө жана бекитүү;

д) жабык казуу жана анын жүктөмү бар өтмө комплекстерин колдонуу;

е) тоо-кен казууларынын кесилиштерин жана өлчөмдөрүн азайтуу;

ж) тоо-кен казуулары менен иштетилип жаткан имараттардын жана курулмалардын пайдубалдарынын ортосундагы аралыктарды көбөйтүү;

з) өтмө комплекстери жылдырылгандан кийин бир эле учурда же дароо каптоонун артындагы мейкиндикке бекитүү (катууланган) эритмелерди куюу;

и) монолиттүү пресс-бетон каптоону колдонуу;

к) казууда топурактын ашыкча алынышын азайтууну жана казманы эртерээк бекемдөөнү камсыз кылган өтүү ыкмасын жана технологиялык режимин тандоо ж.б.

Б.3 Эксплуатацияланып жаткан имараттарды жана курулмаларды коргоонун геотехникалык чараларына төмөнкүлөр кирет:

а) негиз топурактардын курулуш касиеттеринин начарлашынан сактоочу иш-чаралар;

б) негиздердин деформацияларын азайтуу жана аларды тоо тектеринин жылышууларына ылайыкташтыруу максатында топурактардын курулуш касиеттерин өзгөртүүгө багытталган иш-чаралар;

в) имараттардын жана курулмалардын пайдубалдарын бекемдөө;

г) имараттардан жана курулмалардан жүктөмдөрдү төмөнкү топурак катмарларына өткөрүп берүү;

д) имараттардын жана курулмалардын топурак негиздерин алардын ортосуна бөлүүчү дубалдарды орнотуу аркылуу тоо-кен казмаларынан бөлүү;

е) пайдубалдардын астынан топурактарды бургулоо, катууланган эритмелерди чектелген көлөмдөгү топуракка куюу (компенсациялык куюу) аркылуу имараттарды жана курулмаларды тегиздөө жана бирдей эмес чөкмөлөрдү азайтуу;

ж) негиздердин горизонталдык деформацияларынан келип чыккан күчтөрдү азайтуу үчүн убактылуу компенсациялык траншеяларды казуу ж.б.

Б.4 Эксплуатацияланып жаткан имараттарды жана курулмаларды коргоонун конструкциялык чараларына төмөнкүлөр кирет:

а) имараттарды жана курулмаларды деформациялык жиктер менен бөлүү;

б) айрым конструкциялык элементтерди же жалпы курулманы тарткычтар же темир-бетон курчоолор менен бекемдөө;

в) байланыш-тирөөчтөрдү орнотуу;

г) тик көтөргүч аркылуу имараттарды жана курулмаларды тегиздөө ж.б.

Б.5 Коргоо чаралары варианттарды техникалык-экономикалык салыштыруунун негизинде, корголуучу объектилердин багытын, жоопкерчилик деңгээлин, конструкциялык өзгөчөлүктөрүн, пайдалануу режимдерине минималдуу таасирин, алардын негиздеринин деформацияларынын болжолдоолорунун жыйынтыктарын жана бар тажрыйбаны эске алуу менен тандалып алынышы керек.

Коргоо чараларын тандоо аларды аткаруудан келип чыгышы мүмкүн болгон технологиялык таасирлерди эске алуу менен жүргүзүлүшү керек. Пайдалуу кендерди казып алууда казып алуу учурларынан тышкары, тоо-кен коргоо чараларына артыкчылык берилиши керек. Эгерде бул чаралар жетишсиз болсо же аларды ишке ашыруу мүмкүн болбосо, биринчи кезекте корголуучу объектилердин пайдалануу режимин бузбай турган геотехникалык чараларды колдонуу керек.

## В тиркемеси

## Иштелип жаткан аймактардагы каркастуу имараттарды долбоорлоо жана эсептөө өзгөчөлүктөрү

В.1 Иштелип жаткан аянттарда курулуп жаткан каркастуу имараттарды, негизинен, ийкемдүү жана айкалышкан конструкциялык схемалар боюнча долбоорлоо керек.

Э с к е р т ү ү – I, Iк жана IIк топтогу иштетилип жаткан аймактардагы имараттарды долбоорлоодо металл каркастуу имараттарга артыкчылык берүү керек.

В.2 Тиешелүү техникалык-экономикалык негиздемеси болгон учурда, каркастуу имараттарды катуу конструкциялык схемалар боюнча долбоорлоого жол берилет.

В.3 Каркастуу имараттардын конструкциялык чечимдерин жер бетинин деформациясынын эсептелген маанилерине, курулуш аянтынын инженердик-геологиялык шарттарына жана объекттин эксплуатациялык талаптарына жараша тандоо керек.

В.4 Көп кабаттуу каркастуу имараттарды аралаш конструкциялык жана байланышуучу тутумдар түрүндө долбоорлоо керек (бул тиркеменин В.1-сүрөтү). Көп кабаттуу каркастуу имараттардын конструкциялык тутумдарын тандоодо колонналардын чоң торлору менен каркастарга артыкчылык берүү зарыл.




В.1-сүрөт – Көп кабаттуу имараттардын каркас рамаларынын схемалары

*а* – аралаш конструкциялык тутуму бар каркас рамасы; *б* – байланышуучу тутуму менен каркас рамасы

В.5 Көп кабаттуу байланышуучу тутум менен жасалган каркастуу имараттардын пайдубалдарын кесилишти негиздин бирдей эмес деформациясынын таасирине эсептөө менен кесилиштүү тилке түрүндө долбоорлоо керек.

В.6 Көп кабаттуу каркастуу имараттардын элементтеринин шарнирдүү түйүндөрүн бириктирүүчү компенсатор-төшөмө аркылуу ригелдерди колонналардын консолуна тирөө менен аткарууга жол берилет (В2-сүрөт).




В.2-сүрөт – Ригель менен колоннанын биригүү түйүнүнүн конструкциясы

1 – колонна; 2 – шарнир менен таянычтуу ригель; 3 – ригелдин бекитме темир бөлүгү;
4 – төмөнкү жана жогорку байланыш пластиналары; 5 – колоннанын бекитме темир бөлүгү.

В.7 Көп кабаттуу каркастуу имараттарды кен иштетүүдөн келип чыккан кыйшаюунун таасирине деформацияланган схема боюнча эсептөө керек, эгерде каркас тилкелериндеги эсептик жүктөмдөрдөн келип чыккан узундугу боюнча күчтөр оор күчтүн 10% ашык болсо.

В.8 Бир кабаттуу каркастуу имараттардын тиешелүү түрдөгү туурасынан жана узунунан рамаларынын эсептик схемаларын (В.3, В.4-сүрөттөр) ушул тиркеменин В.1-таблицасына ылайык тандоо керек.

В.9 Бир кабаттуу каркастуу өндүрүштүк имараттарды долбоорлоодо, эреже катары, аралыгы 6 жана 12 метр болгон колонналарды колдонуу керек. Колонналарынын акыркы четки катардагы аралыгы 6 м, ортоңку катарында 12-18 м болгон каркастарды жана устун конструкцияларын колдонуу IV, III жана IVк топтогу иштетилүүчү аймактарда кароого жол берилет.

В.10 Бир кабаттуу каркастуу имараттарды долбоорлоодо пайдубал негиздеринин төмөнкүдөй жылышууларын эске албай коюуга болот:

вертикалдык, эгерде колонналардын пайдубалдарынын чөгүү айырмасы өзгөчө жүктөмдөр айкашына эсептелгенде КЧжЭ 2.02.01 көрсөтүлгөн маанилерден ашпаса;

горизонталдуу, эгерде алардын маанилери ушул тиркеменин В.2-таблицасында келтирилген чектүү горизонталдуу жылышууларынын маанилеринен ашпаса.



В.3-сүрөт– Бир кабаттуу каркастуу имараттардын туурасынан рамаларынын схемалары

*а- е* – каркас элементтеринин туташтыруу түрлөрү



В.4-сүрөт – Бир кабаттуу каркастуу имараттардын узунунан рамаларынын схемалары (крандарды колдонуу менен жана колдонбостон)

*а-в* – каркас элементтеринин туташуу типтери

В.1 – т а б л и ц а

| Иштетилүүчү аянттардын топтору | Чийме-нин номери | Бирикмелер | | Имараттын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча кошумча иш-чаралар |
|---|---|---|---|---|
| | | колонналар жана ригелдер | колонналар жана пайдубалдар | |
| А туурасынан кеткен рамалар | | | | |
| IV; IVk; III | В3, *а* | Шарнирдүү-кыймылсыз | Катуу | - |
| II; I; IVk | В3, *б* | Ошол эле | Ортоңку катарлардын мамычалары үчүн - катуу, четкилери үчүн - шарнирдүү-кыймылсыз | - |
| II; I; IVk | В3, *в* | Колонналардын бир бөлүгү үчүн - шарнирдүү-кыймылсыз, колонналардын бир бөлүгү үчүн - шарнирдүү-кыймылдуу | Катуу | - |
| I; IV; IIIk | В3, *г* | Шарнирдүү-кыймылсыз | Ортоңку катарлардын колонналары үчүн - катуу, четкилери үчүн - шарнирдүү-кыймылсыз | Бир деңгээлде байланыш-тирөөчтөрдү орнотуу |

*В.1 – таблицанын уландысы*

| Иштетилүүчү аянттардын топтору | Чийменин номери | Бирикмелер | | Имараттын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча кошумча иш-чаралар |
|---|---|---|---|---|
| | | колонналар жана ригелдер | колонналар жана пайдубалдар | |
| А туурасынан кеткен рамалар | | | | |
| IIk; Ik | В3, *д* | Ошол эле | Ортоңку катарлардын колонналары үчүн - катуу, четкилери үчүн - шарнирдүү-кыймылсыз | Ошол эле, 2 деңгээлде |
| IIk; I; IVk | В3, *е* | Шарнирдүү-кыймылсыз | Шарнирдүү-кыймылсыз | Имараттын ортоңку бөлүгүндө колонналардын ортосунда тигинен кеткен байланыштарды жана пайдубалдардын ортосунда байланыш-тиреөчтөрдү орнотуу |
| Б узунунан кеткен рамалар | | | | |
| IV; IVk; III | В4, а | Шарнирдүү-кыймылсыз | Катуу | Имараттын ортоңку бөлүгүндө колонналардын ортосунда тигинен кеткен байланыштарды жана пайдубалдардын ортосунда байланыш-тиреөчтөрдү орнотуу |
| II; I; IVk | В4, *б* | Ошол эле | Ошол эле | Ошол эле |
| | | | | |

*В.1 – таблицанын аягы*

| Иштетилүүчү аянттардын топтору | Чийменин номери | Бирикмелер | | Имараттын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча кошумча иш-чаралар |
|---|---|---|---|---|
| | | мамычалар жана ригельдер | мамычалар жана пайдубалдар | |
| Б узунунан кеткен рамалар | | | | |
| I; IIк; IIIк | В4, *в* | Шарнирдүү-кыймылсыз | Катуу | Имараттын ортоңку бөлүгүндө сызыктуу кыймылдуу туташтырмалар менен вертикалдуу байланыштарды, ал эми пайдубалдардын ортосунда эки деңгээлдеги байланыш-тирөөчтөрдү орнотуу. |
| I; IIк; IIIк | В4, *в* | Шарнирдүү-кыймылсыз | Катуу | Имараттын ортоңку бөлүгүндө сызыктуу-кыймылдуу бириктирүүлөрдү колдонуу менен тигинен кеткен байланыштарды, ал эми пайдубалдардын ортосунда - эки деңгээлде байланыш-тирөөчтөрдү орнотуу |
| Э с к е р т ү ү – Iк жана жарым-жартылай IIк топтогу иштетилүүчү аянттардагы көпүрө крандуу имараттарда каркасты тегиздөөнү караштыруу максатка ылайыктуу. | | | | |

В.2 – т а б л и ц а

| Каркастын түрү | Пайдубал негиздеринин горизонталдык жылышууларынын чектик маанилери | |
|---|---|---|
| | раманын тегиздигинде | байланыштарды карай |
| Кесилиш аянты 0,15 $м^2$ ашык болгон темир-бетон колонналарынын жасалган | 0,002 *h* | 0,004 *h* |
| Ошол эле, кесилиш аянты 0,1- 0,15 $м^2$ чейин | 0,004 *h* | 0,006 *h* |
| Болот колонналарынан жасалган | 0,010 *h* | 0,020 *h* |
| Э с к е р т ү ү – И чоңдугу катары раманын биринчи кабатындагы колонналардын бийиктиги кабыл алынат. | | |

В.11 Эгерде өзүнчө турган пайдубалдарга таянган колонналардын көтөрүмдүүлүгү жер бетинин деформацияларынан келип чыккан күчтөрдү кабыл алуу үчүн жетишсиз болуп, ал эми колонналарды андан ары бекемдөө, же бөлүктөрдүн узундугун азайтуу максатка ылайыксыз болгон учурларда, пайдубалдардын ортосунда бир же эки деңгээлде байланыш-тирөөчтөрдү орнотуу каралышы керек.

Эки деңгээлдеги байланыш-тирөөчтөрдү I, IIк, IIIк топтогу иштетилген аймактарда колдонуу максатка ылайыктуу.

Байланыш-тирөөчтөрдө топурактын жылышынын таасиринен келип чыккан күчтөрдү азайтуу үчүн, пайдубалдын түбүнүн бетон менен тийишкен жеринде жылышуучу жик орнотуу керек.

Эгерде жогоруда саналган иш-чаралар колонналардын талап кылынган көтөрүмдүүлүгүн камсыз кылбаса, имараттын конструкциялык схемасын өзгөртүү, же кайчылаш устун тутумдары, бүтүн темир-бетон плиталар ж.б. түрүндө пайдубалдарды орнотуу каралышы керек.

В.12 Бир кабаттуу каркас имараттардын (бөлүктөрдүн) туурасынан кеткен багытта туруктуулугу колонналарды пайдубалдарга бекитүү менен камсыз кылынышы керек (В.3-сүрөттү кара). Узунунан кеткен багытта бардык ортоңку катардагы колонналарды боюнча алардын ортосунда тигинен кеткен байланыштары бар катуулук блокторун орнотуу зарыл (В.4-сүрөтүн караңыз). Катуулук блогунун чегинде колонналардын пайдубалдары байланыш-тирөөчтөр менен байланыштырылышы керек.

Бир кабаттуу имараттардын каркастарынын туруктуулугун узунунан жана туурасынан кеткен колонналар катарлары боюнча атайын катуулук элементтерин (диафрагмаларды, чоңойтулган кесилиштеги колонналарды, көп кабаттуу тиркемелерди) орнотуу менен камсыз кылууга жол берилет.

Негиздин бирдей эмес деформацияларында тигинен кеткен байланыштардагы күчтөрдү азайтуу үчүн, аларды бирдей эмес чөкмөлөрдө байланыштарга карата блоктун колонналардын жылышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган сызыктуу-кыймылдуу бириктирүүлөрдү колдонуу менен аткаруу керек (В.4-сүрөттү кара).

Көп кабаттуу имараттардын туурасынан жана узунунан кеткен багыттардагы туруктуулугу колонналарды пайдубалдарга бекитүү, колонналардын ортосунда тигинен кеткен байланыштарды орнотуу же ригелдерди колонналарга бириктирүүнүн катуу түйүндөрү менен камсыз кылынышы керек.

Имараттын же анын бөлүктөрүнүн мейкиндиктеги туруктуулугун камсыз кылган тигинен кеткен байланыштар имараттын (бөлүктүн) ортоңку бөлүгүндө мейкиндик блокторго топтолушу керек. Каркас менен мейкиндик блокторунун биргелешип иштешин камсыз кылуу үчүн, жабуулар горизонталдык тегиздикте жетиштүү катуулукка ээ болушу керек.

В.13 Каркастуу имараттын бөлүгүнүн чектик узундугун жана туурасын жер бетинин деформацияларынын эсептик чоңдуктарына жараша аныктоо керек.

Бөлүктөрдүн ортосундагы деформациялык жиктер жуп рамалар же арыштуу конструкциялардын шарнирдүү-кыймылдуу таянычы түрүндө долбоорлонуп, аларды ийилчээк толтургучтар (пороизол, поролон, макро тешиктүү резина ж.б.) менен толтурулган компенсаторлор менен жабылышы керек.

В.14 Бир кабаттуу каркастуу имараттардын жабуулары үчүн, эреже катары, эң жөнөкөй статикалык аныкталган конструкцияларды колдонуу керек.

В.15 Бөлүнбөгөн жабуу тутумдарын колдонуунун максатка ылайыктуулугу ар бир учурда негиздин бирдей эмес деформацияларына статикалык эсептөө менен негизделиши керек.

В.16 Бүктөлүүчү, жука дубалдуу мейкиндик конструкцияларын (жыйнак-кабыктарды) ж.б. жабуу катары колдонуу негиздин бирдей эмес деформацияларынын, технологиялык жабдуулардын динамикалык таасирлеринин, асма же көпүрө крандардын таасирин, имаратты тегиздөө зарылдыгын (айрым учурларда) жана башка факторлорду эске алып, статикалык эсептөө менен негизделиши керек.

В.17 Негиздин бирдей эмес деформацияларынан улам чатырдын бузулушунан каркастуу имараттардын жабууларын суунун киришинен коргоо үчүн, жабуунун каптал жана узунунан кеткен (ички суу агуучу) дубалдарга

кошулган жерлеринде коңшулаш аралыктардын жабууларынын тийишкен жерлеринде компенсаторлорду (деформациялык жиктерде жылуулук изоляциясы менен) орнотуу, ошондой эле компенсаторлорду орнотуучу жиктерди жана жабуу плиталарынын ортосундагы тигиштерди гидроизоляциялык катмардын ичинде туурасы 1 м кошумча рубероид тилкелери менен чаптоо керек.

В.18 Каркастуу имараттар үчүн тосмо конструкциялары катары стандартташтырылган чоң өлчөмдөгү дубал панелдерин колдонуу керек, аларды имараттын каркасынын элементтерине ийкемдүү бекитүү менен, тосмо конструкцияларга каркас деформацияланганда жүктөмдөр минималдуу болушун, же таптакыр жок болушун камсыз кылуу керек.

Дубал тосмо конструкциялары горизонталдык багытта эки бурчунан шарнирдүү-кыймылдуу, ал эми калган эки бурчунан шарнирдүү-кыймылсыз бекитилиши керек. Имараттын коңшулаш колонналарынын чөкмөлөрүнүн жол берилүүчү айырмасы $\Delta h$ төмөнкү формула боюнча аныкталат:

$$\Delta h = \frac{\Delta_n l}{H_n},$$

мында $\Delta_n$ – дубал панелдеринин ортосундагы боштуктун чоңдугу;

$l$ – коңшулаш мамычалардын окторунун ортосундагы аралык;

$H_n$ – дубал панелдин бийиктиги.

В.19 Өзүнчө көтөрүүчү таш дубалдарды колдонууда, аларды имараттын каркасынын колонналарынын жанынан кесип, ранд-устундарга жана каркас элементтерине бекитүү менен долбоорлоо керек. Имараттын каркасынын октору боюнча өтүүчү ички дубалдарды колонналарга ийкемдүү анкерлер менен бекитип, сырткы дубалдарга, такталарга жана ригелдерге кошулган жерлерде, ошондой эле технологиялык жана санитардык-техникалык түтүктөр менен кесилишкен жерлерде кеминде 50 мм боштуктарды калтыруу керек.

В.20 Топуракка төшөлгөн катуу жер тамандар (бетон, ксилолит ж.б.) долбоорлоодо аларды капталдары 6 м ашпаган карталарга бөлүү керек. Карталардын ортосундагы жиктин туурасын (5.4) формуласы боюнча аныктоо керек, мында $L_0$ чоңдугу катары каралып жаткан багытта коңшулаш карталардын борборлорунун ортосундагы аралык кабыл алынат. Карталардын ортосундагы жиктерди эластикалык толтургуч (битум мастикасы, пороизол жип ж.б.) менен толтуруу керек. Бетон арматураланган төшөлмлөрдү байланыш-тирөөч катары колдонууга жол берилет. Бул учурда аны карталарга бөлүүгө болбойт.

В.21 Тепкич аянтынын дубалдарын имараттын (бөлүктүн) мейкиндиктеги туруктуулугун камсыз кылган катуу блоктору катары колдонууга жол берилет.

Жабдууларды жана коммуникацияларды орнотуу үчүн жабуулардагы тешиктердин өлчөмдөрүн алардын горизонталдык тегиздикте өз ара жылышуу

мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен аныктоо керек. Казып алуу учурунда жабдууларды түздөө мүмкүнчүлүгүн кароо зарыл.

В.22 Өндүрүштүк имараттарда көтөрүүчү-ташуучу каражаттар катары асма жана төшөлмө көтөрүүчү-ташуучу жабдууларга артыкчылык берүү керек.

Крандардын нормалдуу иштешин камсыз кылуу үчүн, кран астындагы конструкцияларды түздөө жана асмаларды жөндөө мүмкүнчүлүгүн караштыруу керек.

В.23 Көпүрө крандуу имараттарда кран астындагы бөлүнгөн устундарды колдонуу керек. Имаратты бөлүктөргө бөлгөн жерлерде кран астындагы устундардын консолдук таянычын же атайын компенсатордук устундарды орнотуу каралышы керек, алардын деформациялануу жөндөмдүүлүгү деформациялык тигиштин күтүлүүчү чоңдугуна жараша аныкталууга тийиш.

В.24 Крандардын имарат элементтерине жакындашуу өлчөмдөрүн кран жолдорун мүмкүн болуучу түздөөлөрдү эске алуу менен дайындоо керек. Мамычанын кран үстүндөгү бөлүгүнүн бийиктигин көбөйтүүгө же төмөндөтүлгөн таяныч бөлүгү бар металл кран астындагы устундарды колдонууга жол берилет.

В.25 Жер бетинин деформацияларынан улам пайда болгон көпүрө крандардын кран астындагы жолунун жантаюусунун чоңдугу төмөнкү чектик маанилерден ашпашы керек:

туурасынан кеткен багытта $i = 4 \cdot 10^{-3}$;

» узунунан кеткен багытта » $i = 6 \cdot 10^{-3}$.

Жолдорду түздөөнүн зарыл даражасын жана крандардын жакындашуу өлчөмдөрүн жер бетинин эсептик деформацияларына жана кран астындагы жолдордун жантаюусунун чектик маанилерине жараша аныктоо керек.

Жер бетинин жылышынын активдүү баскычы аяктагандан кийин, кран астындагы жолдор "Жүк көтөрүүчү крандарды орнотуу жана коопсуз эксплуатациялоо эрежелерине" ылайык түздөлүшү керек.

## Г тиркемеси

## Иштелип жаткан аймактарында каркассыз имараттарды долбоорлоонун жана эсептөөнүн өзгөчөлүктөрү

Г.1 Иштелип жаткан аймактарда каркассыз имараттар айрым көтөрүүчү конструкциялар бузулганда имараттардын бөлүктөрүнүн прогрессивдүү кыйрашына жол бербеген катуу же аралаш конструкциялык схемалар боюнча долбоорлонушу керек:

узунунан кеткен көтөрүүчү дубалдары жана туурасынан кеткен катуулук диафрагмалары (тепкич аянттарынын дубалдары, лифт шахталары ж.б.);

туурасынан жана узунунан кеткен көтөрүүчү дубалдары менен.

Э с к е р т ү ү – Каркассыз турак жай жана коомдук имараттардын жер үстүндөгү бөлүгү, эреже катары, катуу конструкциялык схема боюнча долбоорлонушу керек.

Г.2 Имараттардын көтөрүүчү дубалдары, эреже катары, имараттардын узунунан жана туурасынан кеткен окторуна карата симметриялуу жайгаштырылып, имараттын узундугу жана туурасы боюнча катуулуктун бирдей бөлүштүрүлүшүн камсыз кылышы керек.

Туурасынан кеткен дубалдар имараттын бүткүл туурасы боюнча туташ долбоорлонушу керек. Эгерде пландаштыруу талаптарына ылайык туурасынан кеткен дубалдардын туташ жайгашуусу бузулса, аларды ички узунунан кеткен дубал менен байланыштыруу каралышы керек, бул узунунан жана туурасынан кеткен дубалдардын бирдиктүү кайчылаш система катары биргелешип иштешин камсыз кылышы керек. Мында туурасынан кеткен дубалдардын жылышы (ок боюнча) 0,6 мден ашпаган чоңдукка жол берилет.

Узунунан кеткен дубалдардын жылышынын чоңдугу 1,8 м ашпоого тийиш, мында узунунан кеткен дубалдардын сынуу орду туурасынан кеткен көтөрүүчү дубалдар менен байланыштырылышы керек.

Г.3 Каркассыз имараттардын, анын ичинде орнотулган жайлары бар имараттардын конструкциялары, аларга түшкөн жүктөмдөрдөн жана негиздин бирдей эмес деформацияларынын таасиринен келип чыккан күчтөрдү кабыл алуу үчүн бирдиктүү мейкиндик тутумдун элементтери катары долбоорлонушу керек. Бул максатта төмөнкүлөрдү караштыруу керек:

бардык тышкы жана ички дубалдар боюнча жабык пайдубалдык жана цоколдук курчоолорду орнотуу;

ири блоктуу жана кирпич имараттарда бардык тышкы жана ички дубалдар боюнча кабаттар менен темир-бетон курчоолорду, ал эми панелдүү имараттарда - тышкы жана ички дубал панелдеринин конструкциялары менен айкалышкан кабаттар менен курчоолорду орнотуу;

пайдубалдардын конструкцияларын анын үстүндөгү конструкциялар менен тигинен вертикалдык байланыштар аркылуу бириктирүү;

жабуу панелдерин бири-бири менен жана көтөрүүчү дубалдар менен бириктирүү, ошондой эле панелдердин ортосундагы жиктерди 100 маркасындагы цемент аралашмасы менен толтуруу.

Панелдүү имараттарда пайдубалдык жана цоколдук курчоолорду цоколдук темир-бетон панелдеринин конструкциялары менен айкалыштырууга жол берилет.

Г.4 Имараттардын типтүү долбоорлордо жер үстүндөгү бөлүктүн жалпы көлөмдүк-пландык жана конструкциялык чечимдерин каралышы керек. Жер астындагы бөлүктүн конструкциялык чечимдери курулуштун ар кандай шарттарына ылайыкташтырылып, бир нече вариантта иштелип чыгышы керек.

Г.5 Каркассыз имараттардагы деформациялык жиктер туурасынан кеткен жуп дубалдар түрүндө каралышы керек. Дубалдардын калыңдыгы имараттарга карата сырткы абанын эсептик температурасына жараша коюлуучу жылуулук техникалык талаптарга жооп бериши керек.

Г.6 Ири панелдүү имараттарда элементтердин ортосундагы бириктирүүлөр төмөнкү ыкмалардын бири менен аткарылышы керек:

чыккан арматураларды ширетүү жана шпонкаларды бетон менен толтуруу менен шпонкалар түрүндө;

жумушчу арматурага ширетилген болот кыналган бөлүктөрдү ширетүү аркылуу;

илмектүү чыгарууларды скобалар менен бириктирүү жана андан кийин толтуруу аркылуу.

Дубал элементтеринин ортосундагы жиктердеги бириктирүүчү элементтердин кесилиши эсептөө жолу менен аныкталууга тийиш.

Панелдерди горизонталдык жиктеринде 100 маркасынан төмөн болбогон цемент аралашмасынан жасалган тигиштер каралышы керек.

Жиктердеги болот кыналган бөлүктөр жана бириктирүүчү элементтер дат басуудан корголушу керек.

Г.7 Таш имараттарда бурчтарды жана дубалдардын кесилиштерин диаметри 4-6 мм арматурадан жасалган, өлчөмү 7х7 см болгон торчолор менен арматуралоо керек, алар горизонталдык жиктерге элементтин бийиктиги боюнча 1 м сайын төшөлүп, дубалдардын окторунун кесилиштеринен ар бир тарапка 1,2-1,5 м аралыкта бекитилет.

Жабуу жана чатыр панелдеринин панелдүү имараттардын көтөрүүчү дубалдарына таянуу тереңдиги 12 см ден кем болбошу керек.

Г.8 Каналдар, тилке оюктар (штроба), тешиктер (ниша) менен алсызданган конструкциялар эсептөөгө же конструкциялык талаптарга ылайык кошумча арматура орнотуу менен бекемделиши керек.

Г.9 Каркассыз имараттардын пайдубал-жер төлө бөлүгүнүн конструкцияларын заводдо даярдалган курама буюмдарды колдонуу менен көбүнчө курама-монолиттүү түрдө долбоорлоо керек. Эгерде мындай чечимдер жетиштүү бекемдикти жана катуулукту камсыз кылбаса, имараттын жер астындагы бөлүгүн монолиттүү түрдө долбоорлоо керек. Катуулукту жогорулатуу максатында имараттын пайдубал-жер төлө бөлүгүндө кошумча дубалдарды орнотуу каралышы мүмкүн.

Г.10 Узунунан кеткен дубалдардын тилкелеринде ок боюнча 1,5 м ашпаган аралыкка жылдыруу менен лоджияларды орнотууда дубалдын тегиздигинде, ошондой эле лоджиялардын контуру боюнча түз сызыктуу темир-бетон дубалдык жана пайдубалдык курчоолор каралышы керек.

Дубалдык курчоолордун түз сызыктуу элементтери катары лоджиялардын үстүндөгү жабуу конструкцияларын колдонууга жол берилет, алар бүктөм жерлеринде бекемделип, негизги курчоонун конструкциялары менен ишенимдүү байланышта болушу керек.

Лоджия дубалдарынын бири, эреже катары, имараттын туурасынан кеткен дубалынын уландысы болушу керек.

Балкондор жана эркерлер жабуулардын консолдук чыгарылышында орнотулушу керек.

Тегиздөөнү эске алуу менен долбоорлонгон имараттарда лоджиялардын жабууга таянычы каралышы керек.

## Д тиркемеси

## Кен иштелген аймактарда инженердик курулмаларды жана түтүктөрдү долбоорлоо жана эсептөө өзгөчөлүктөрү

Д.1 Мунара түрүндөгү курулмалар катуу конструкциялык схемалардын негизинде долбоорлонууга тийиш.

Эсептик кыйшаюулар чектүү маанилерден ашып кеткенде, пайдубалдын түбүнүн өлчөмдөрүн чоңойтуу, мүмкүн болсо, курулманын оордук борборун төмөндөтүү, аркан түзүлүштөрдү, ошондой эле эксплуатациялоо процессинде курулманы тегиздөө боюнча иш-чаралар каралышы зарыл.

Д.2 Транспорттук галереялар ийкемдүү схемалар боюнча долбоорлонушу керек. I, Iк жана II, IIк топтогу кен иштетилген аймактар үчүн (5.1, 5.2-таблицалар) транспорттук галереялардын көтөрүүчү конструкциялары, эреже катары, металлдан жасалышы керек.

Д.3 Транспорттук галереялар тирөөчтөрдө жиктери бар бөлүнгөн конструкция түрүндө каралышы керек, мында галереяны тирөөчтөрдө горизонталдык тегиздикте анын узунунан кеткен огуна ченем боюнча түздөө мүмкүнчүлүгү камсыз кылынышы керек. Транспорттук галереянын имаратка таянычы кыймылдуу болуп долбоорлонушу керек. Деформациялык жиктер жапкычтар менен жабылышы керек.

Д. 4 Iк-IIIк топтогу иштелип жаткан аймактарда транспорттук галереялардын тирөөчтөрү алардын негизиндеги жер бетинин тепкичтеринин таасирине эсептелген жалпы пайдубалдарда долбоорлонушу керек.

Д.5 Узун жер астындагы курулмалар (тоннелдер, каналдар, өтмөктөр ж.б.) төмөнкүдөй долбоорлонушу керек:

узунунан кеткен багытта - деформациялык жиктер менен айрым катуу бөлүктөргө бөлүнгөн ийкемдүү схемалар боюнча;

туурасынан кеткен багытта - ийкемдүү жана катуу конструкциялык схемалар боюнча.

Д.6 Жер астындагы узун курулмалардын бөлүктөрүнүн узундугу конструкциянын көтөрүмдүүлүгүнө, жүктөмдөрдүн чоңдугуна жана негиздин деформацияларынын таасирине жараша кабыл алынышы керек.

Коңшулаш бөлүктөрдүн ортосундагы деформациялык жиктерди жер астындагы суулардын киришинен эластикалык толтургучтарды, компенсациялык кыстармаларды ж.б. колдонуу менен коргоо керек.

Д.7 Авариялык сууларды агызуу үчүн каралган жер астындагы узун курулманын узунунан кеткен эңкейиштери жер бетинин мүмкүн болуучу жантаюуларын эске алуу менен орнотулушу керек.

Д.8 Жер астындагы узун курулмаларга төшөлгөн инженердик коммуникациялардын нормалдуу эксплуатациясын камсыз кылуу үчүн атайын ийкемдүү тирөөчтөрдү жана компенсациялык түзүлүштөрдү орнотуу каралышы керек.

Д.9 Иштелип жаткан аймактарда курулуучу көлөмдүү тереңдетилген курулмалар КЧжЭ 2.04.01, КР КЧ 40-01, КР КЧ 40-02 талаптарын эске алуу менен ийкемдүү, аралаш, же катуу конструкциялык схемалар боюнча долбоорлонушу керек.

Д.10 Жабык көлөмдүү тереңдетилген курулмаларды долбоорлоодо ийкемдүү жана аралаш конструкциялык схемаларга артыкчылык берилиши керек.

Негиздин бир калыпта эмес деформациясына ылайыкташтырылган ийкемдүү суу өткөзбөй турган жиктерди курулуш блоктордун бириккен жерлеринде, ошондой эле алардын чатырында, түбүндө жана бөлмөлөрдү бөлүүчү дубалдар менен бириккен жерлеринде жасоо менен ийкемдүү курулуш схемасы ишке ашырылат.

Д.11 Ачык көлөмдүү тереңдетилген курулмаларды долбоорлоодо катуу жана аралаш конструкциялык схемаларга артыкчылык берилиши керек.

Стационардык жабдуулары бар ачык көлөмдүү тереңдетилген курулмалар катуу схемалар боюнча долбоорлонушу керек.

Туруктуу жабдуусу жок ачык түрдөгү жер астындагы курулуштарды төмөнкүдөй долбоорлоо керек:

планда тик бурчтуу формада – катуу конструкциялык схема боюнча;

тегерек формада – жер астындагы суу болгон учурда катуу конструкциялык схема боюнча, ал эми жер астындагы суу жок болгон учурда деформациялык жик менен дубалдардан бөлүнүп турган түбү бар аралаш схема боюнча.

Д.12 Жер астындагы суунун деңгээли жогору болгон жерлерде курулуучу сыйымдуу жер астындагы имараттарды долбоорлоодо ийкемдүү жиктердин конструкциясы эки тараптуу гидростатикалык басымды кабыл алууга тийиш.

Д.13 Иштелип жаткан аянттарда түтүк жолдорун долбоорлоо учурунда шаарлар менен кыштактардын аймагындагы магистралдык түтүк жолдоруна, мунай өнүмдөрүнүн түтүк жолдоруна карата колдонулуучу азыркы ченемдерди, ошондой эле жылуулук, газ, суу менен камсыздоо жана канализациянын тышкы жана ички тармактарына жана системаларына карата трассаны тандоо, жабуу ыкмалары, конструкциялык чечимдер, ташылып жаткан өнүмдөрдүн параметрлери, коррозиядан жана башка таасирлерден коргоо, жылуулук изоляциясы, башкаруу системалары, экологиялык коопсуздук жана түтүк жолдорунун ишенимдүүлүгүн жана жанындагы объектилердин коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ушул талаптарга карама-каршы келбеген башка талаптар боюнча ченемдерди сактоо керек.

Д.14 Казылып алынган болот түтүктөрдүн иштен чыкпоосу кадимки курулуш шарттарында аракеттенүүчү жүктөмдөрдүн жана казып алуунун натыйжасында топурак массивинин горизонталдык жана тигинен жылышууларынан келип чыккан кошумча таасирлердин айкалышында бекемдикке, туруктуулукка, деформацияларга (өзүн-өзү компенсациялоого) эсептөө жолу менен аныкталат.

Д.15 Казылып алынган түтүктүн текшерүүчү эсеби анын трассасын, негизги өлчөмдөрүн, казып алуу участогундагы топурактын тигинен жана горизонталдык жылыштарынын болжолдуу эсептөөлөрүн тандап алгандан кийин жүргүзүлөт.

Түтүктөрдүн чыңалуу-деформацияланган абалынын эсебин көбүнчө сандык ыкмалар менен аткаруу керек. Түтүктөрдүн эсептик моделдери (схемалары) конструкциялык өзгөчөлүктөрдү жана түтүктөрдүн деформациялануучу топурак чөйрөсү менен өз ара аракеттенүү шарттарын чагылдырышы керек.

Д.16 Долбоорлордо жер казуунун таасири астында болот түтүктөрдүн герметикалуулугун бузуунун алдын алуу боюнча конструкциялык жана технологиялык чараларды караштыруу керек. Казылып алынган түтүктөр үчүн крандар, жапкычтар, вентилдер, клапандар жана башка жабуучу арматура долбоордук басымга карабастан, болоттон гана жасалышы керек. Кайырма кырлар (түз жана жооп берүүчү), тыгыздагыч, жабуучу арматуранын бекитүүчү бөлүктөрү эсептик күчтөрдө жана казып алуудан келип чыккан бурчтук жылыштарда герметикалуулук талаптарына жооп бериши керек. Компенсаторлор жана ийкемдүү тиркемелер кепилденген запасы менен жылмакай деформация зоналарындагы узунунан жана бурчтук жылыштарды, ошондой эле тепкич зоналарындагы локалдык жылыштарды кабыл алууну камсыз кылышы керек, казылып алынган түтүктүн кызмат мөөнөтүнө барабар болгон узак мөөнөттүүлүк ресурсуна ээ болушу, же оңдоого жарамдуу болууга тийиш, б.а. түтүктү эксплуатациялоону токтотпостон герметикалуулукту калыбына келтирүүгө мүмкүндүк бериши керек. Акыркы талап иштен чыгышы түтүктүн жана чектеш объектилердин орточо жана оор бузулушуна алып келбеген, адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирбеген түзүлүштөргө гана тиешелүү.

Д.17 Долбоорлордо ташылып жаткан чөйрөнүн ички басымынан, температуралык чыңалуудан жана кен иштетүүнүн кесепетинен келип чыккан чыңалуулардын биргелешкен таасирин азайтуу боюнча коргоо чаралары каралышы керек; казуунун кесепетинен пайда болгон коркунучтуу чыңалуу зоналарында түтүктөрдү жарым-жартылай же толугу менен ачыкка чыгаруу менен топурактын таасирин азайтуу; тоңуу тереңдигинен төмөн боштук калтыруучу толтургучтарды колдонуу жана башкалар.

Д.18 Секциялык түтүктөр топурак чөйрөсүнүн деформацияларынын шарттарында бириктирүүлөрдүн герметикалуулугун камсыз кылуу менен

долбоорлонушу керек. Долбоорлордо узартылган учу кең түтүктөр (раструб) жана түтүктөрдүн бүткүл эксплуатациялоо мезгилинде ийкемдүүлүгүн сактаган узак мөөнөттүү тыгындары бар секциялык түтүктөрдү колдонуу керек.

Д.19 Өзү агуучу түтүктөрдү минималдуу жол берилген энкейиштерди сактоо шартынан долбоорлоо керек.

# Е тиркемеси

## Имараттарды жана курулмаларды эксплуатациялоо мезгилинде аларды тегиздөөнү эске алуу менен долбоорлоо өзгөчөлүктөрү

Е.1 Имараттарды жана курулмаларды, айрым конструкциялык элементтерди жана технологиялык жабдууларды тегиздөө табигый шарттарда жетиштүү эксперименталдык текшерүүдөн өткөн ыкмалар менен жүргүзүлүшү керек. Тегиздөөнү атайын түзүлүштөрдүн (мисалы, гидравликалык тик көтөргүчтөрдү) жардамы менен; негиздин деформациялануу жөндөмдүүлүгүн локалдык өзгөртүү аркылуу (негиздеги топуракты бургулоо, негиздин топурагын жөнгө салынуучу нымдоо) жүргүзүүгө уруксат берилет. Тегиздөө ыкмасын тандоо имараттын (курулманын) конструкциялык чечимине, курулуш аянтынын топурак шарттарына, чоңдугуна, ал эми казылып алынган аймактар үчүн - жер бетинин деформацияларынын өсүү ылдамдыгына жараша жүргүзүлөт.

Э с к е р т ү ү л ө р

1 Имараттарды жана курулмаларды тегиздөө, негиздин бирдей эмес деформацияларынын таасиринен коргоо чарасы катары башка коргоо чараларын (конструкциялык, негизди даярдоо ж.б.) колдонууну жокко чыгарбайт.

2 Тегиздөөнү эске алуу менен иштелип чыккан имараттардын жана курулмалардын долбоорлорунун принциптүү конструкциялык чечимдери бул тармакта адистешкен уюм жана буйрутма берүүчү менен макулдашылышы керек.

Е.2 Каркассыз имараттарды жана курулмаларды пайдубал бөлүгүндө тик көтөргүч менен тегиздөө мүмкүнчүлүгү менен долбоорлоодо тешиктерди (тик көтөргүчтөрдү жайгаштыруу үчүн) жана имараттын (курулманын) көтөрүлүүчү жана таяныч бөлүктөрүнүн ортосунда горизонталдуу бөлүүчү жикти кароо, ошондой эле тегиздөөчү түзүлүштөрдү орнотуучу жерлерге эркин жетүүнү камсыз кылуу керек. Түзүлүштөрдү жайгаштыруучу жерлерде төшөлмөдөн шыптын чыгып турган конструкцияларына чейинки бийиктик 1,9 м ден кем болбошу керек.

Тегиздөөгө тийиш болгон имараттардын жана курулмалардын долбоорлорунда эксплуатациялоо мезгилинде аспаптык байкоо жүргүзүү үчүн маркаларды куруу учурунда кыстармаларды коюу каралышы керек.

Е.3 Лифт шахталары имараттын тегизделүүчү (көтөрүлүүчү) бөлүгүнө таянуу менен же пайдубалдардын конструкцияларынан жана имараттын жер үстүндөгү бөлүгүнүн конструкцияларынан бөлүүчү жик жана лифт шахталарынын тигинен четтөөлөрүн оңдоо үчүн жетиштүү өлчөмдөгү боштуктар менен бөлүнгөн өз алдынча пайдубалдарда өзүнчө долбоорлонушу керек. Лифт шахталарынын пайдубалдарында тегиздөөчү түзүлүштөрдү орнотуу үчүн тешиктер каралышы керек.

Е.4 Жылуулук менен камсыздоо, ички суу түтүктөрү жана канализация системалары имаратты (курулманы) тегиздөө процессинде түтүктөрдүн нормалдуу эксплуатациясын камсыз кылган конструкциялык төмөнкүдөй иш-чараларды эске алуу менен долбоорлонушу керек:

түтүктөрдү тегиздөөчү түзүлүштөрдү жайгаштыруу үчүн арналган тешиктерден тышкары төшөө;

тик түтүктөрдү жана бөлүштүрүүчү түтүктөрдү имараттын (курулманын) горизонталдуу бөлүүчү жиктен жогору жайгашкан конструкцияларына, таяныч жана көтөрүлүүчү бөлүктөрүнүн ортосуна бекитүү;

түтүктөрдү дубалдар жана пайдубалдар аркылуу өткөрүү жана түтүктөр менен курулуш конструкцияларынын ортосунда боштуктарды камсыз кылуу үчүн тешиктерди орнотуу;

түтүктөрдүн горизонталдык жана тигинен жылышын камсыз кылган компенсаторлорду орнотуу;

муздак жана ысык суунун бардык тик түтүктөрүнө жабуучу вентилдерди орнотуу.

Е.5 Тегиздөөгө тийиш болгон каркас түрүндөгү конструкциялык схемасы бар каркас имараттарды жана курулмаларды долбоорлоодо мамычалардын, пайдубалдардын жана катуу блокторундагы байланыштарды мамычаларга бекитүүчү түйүндөрдүн конструкциялык чечими (тегиздөө технологиясына ылайык) тегиздөөчү түзүлүштөрдү жана алар үчүн таяныч шаймандарды орнотууга мүмкүндүк бериши керек.

Кран астындагы устундарды колонналарга бекитүү аларды тигинен жана горизонталдык тегиздиктерде түздөөгө тоскоол болбошу керек.

Байланыштарды жана тосмо конструкцияларды колонналарга бекитүү, ошондой эле дубал панелдеринин учтарынын ортосундагы боштуктун чоңдугу имаратты тегиздөөдө конструкциялардын өз ара вертикалдык жылышына жол бериши керек.

Имараттын жабуу плиталарын бекитүү вертикалдык тегиздикте ийкемдүү жана жабуу дискинин тегиздигинде катуу болушу керек.

Е.6 Тик көтөргүч менен тегиздөөгө тийиш болгон курулмалар жана жабдуулар үчүн плиталык жана массивдүү пайдубалдар төмөнкүлөрдү орнотуу менен долбоорлонушу керек:

пайдубалдын астынкы (таяныч) жана үстүнкү цоколдук бөлүктөрүнүн ортосунда бөлүүчү жикти;

тик көтөргүчтөрдү жайгаштыруу үчүн пайдубалдын таяныч же цоколдук бөлүгүндөгү тешиктер;

эксплуатациялоо процессинде жана тегиздөө иштери учурунда пайдубалдын цоколдук жана таяныч бөлүктөрүнүн ортосунда байланыш ролун аткаруучу камсыздандыруучу элементтер.

Е.7 Имараттарды жана курулмаларды пайдубалдын түбүнөн топуракты бургулоо (жарым-жартылай алып салуу) менен тегиздөө, эреже катары, мейкиндикте катуулугу жогору болгон имараттардын (курулмалардын) долбоорлорунда каралышы керек.

Бургулоого тийиш болгон имараттардын негиздери деформация модулу $E \leq 25$ МПа болгон топурактардан турушу керек. $E > 25$ МПа болгондо, долбоорлордо КЧжЭ 2.02.01 көрсөтмөлөрүнө ылайык аткарылуучу топурак жаздыктарды орнотуу каралышы керек.

Е.8 Имараттарды жана курулмаларды тегиздөө мезгилинде тегизделүүчү объектилердин конструкцияларынын абалына туруктуу визуалдык жана инструменталдык байкоо жүргүзүү зарыл.

## Ж тиркемеси

### Курулуш шарттары боюнча пайдалуу кендер жаткан аймактардын категориялары

Ж.1 – таблица

| Аймактын катего-риясы | Аймактын курулушка жарамдуулугу | Курулуштун тоо-кен жана инженердик-геологиялык шарттары | | | Курулуштун өзгөчө шарттары |
|---|---|---|---|---|---|
| | | тоо-кен казмаларынын болушу | тоо-кен иштери объектинин эксплуатациялоо мезгилинде | жер бетинин деформациялары аймактардын тобуна туура келет | |
| 1 | Курулушка жарамдуу - казуу жүргүзүлбөгөн | Эски тоо-кен казмалары жок<br><br>Эски тоо-кен казмалары чуңкурлардын пайда болуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган тереңдикте болгон | Пландалган эмес<br><br>Ошол эле | -<br><br>- | Аймактын астында өнөр жайлык эмес пайдалуу кендердин болушу. Пайдалуу кендер иштетилип бүткөн жана жер бетинин деформация процесстери аяктаган же казып алуу долбоорлонуп жаткан объектилердин амортизация мөөнөтү аяктагандан кийин күтүлүүдө |

*Ж.1 – таблицанын уландысы*

| Аймак-тын катего-риясы | Аймактын курулушка жарамдуулугу | Курулуштун тоо-кен жана инженердик-геологиялык шарттары | | | Курулуштун өзгөчө шарттары |
|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Курулушка жарамдуу – казуу жүргүзүлгөн | Эски тоо-кен казмалары жок | Чуңкурлардын пайда болуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган тереңдикте пландалууда | II- IV<br>IIк- IVк | Аймакта төмөнкүдөй участоктор жок:<br>мүмкүн болгон техногендик суу каптоо жана суу астында калуу;<br>тик тектоникалык бузулуулардын чыгуулары жана синклиналдык бүктөмдөрдүн октук беттеринин чыгуулары;<br>мүмкүн болгон жер көчкүлөрдүн пайда болушу |
| | | Эски тоо-кен казмалары чуңкурлардын пайда болуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган тереңдикте болгон | | III- IV<br>IIIк- IVк | |

*Ж.1 – таблицанын уландысы*

| Аймак-тын катего-риясы | Аймактын курулушка жарамдуулугу | Курулуштун тоо-кен жана инженердик-геологиялык шарттары | | | Курулуштун өзгөчө шарттары |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Курулушка жарамдуулугу чектелген – казуу жүргүзүлөт | Эски тоо-кен казмалары жок, же чуңкурлардын пайда болуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган тереңдикте | Чуңкурлардын пайда болуу мүмкүнчүлү-гүн жокко чыгарган тереңдикте пландалууда | 1,1к | Аймакта төмөнкүдөй участоктор жок: мүмкүн болгон техногендик суу каптоо жана суу астында калуу; тик тектоникалык бузулуулардын чыгуу-лары жана синклинал-дык бүктөмдөрдүн октук беттеринин чыгуулары; мүмкүн болгон жер көчкүлөрдүн пайда болушу. |
| | | Эски тоо-кен казмалары жок же чуңкурлардын пайда болуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган тереңдикте | Ошол эле | I жана Iк топтору үчүн деформация-лар максимал-дуу маанилер-ден ашат | Аймактын I жана Iк топторуна караганда деформациялары чоң болгон участоктору бар. |

*Ж.1 – таблицанын уландысы*

| Аймактын категориясы | Аймактын курулушка жарамдуулугу | Курулуштун тоо-кен жана инженердик-геологиялык шарттары | | | Курулуштун өзгөчө шарттары |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Курулушка жараксыз | Эски тоо-кен казмалары жок, же чуңкурлардын пайда болуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган тереңдикте | Чуңкурлардын пайда болуу мүмкүнчүлүгү бар болгон тереңдикте пландалууда | Топко карабастан | Жер бетинде чуңкурлар жана чоң жаракалар пайда болушу мүмкүн. |
| | | Эски тоо-кен казмалары чуңкурлардын пайда болуу мүмкүнчүлүгү бар болгон тереңдикте | Тоо-кен иштерин пландоого карабастан | Ошол эле | Ошол эле |

*Ж.1 – таблицанын уландысы*

| Аймактын категориясы | Аймактын курулушка жарамдуулугу | Курулуштун тоо-кен жана инженердик-геологиялык шарттары | | | Курулуштун өзгөчө шарттары |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Курулушка жараксыз | Жер бетине чыгуучу даярдоо казмалары, өзөктөр жана шахталар бар, алардын таасир зонасында чуңкурлардын пайда болуу мүмкүнчүлүгү бар болгондо | Тоо-кен иштеринин өнүгүшүнө карабастан | Топко карабастан | Казмалардын айланасында жер бетинин чуңкурлары пайда болушу мүмкүн. |
| | | Эски тоо-кен казмаларынын бар же жок экендигине карабастан. | Пландалууда | Топко карабастан | Аймакта төмөнкүдөй участоктор бар: мүмкүн болгон техногендик суу каптоо жана суу астында калуу; тик тектоникалык бузулуулардын чыгуулары; синклиналдык бүктөмдөрдүн октук беттеринин чыгуулары; мүмкүн болгон жер көчкүлөрдүн пайда болушу |

*Ж.1 – таблицанын аягы*

| Аймак-тын катего-риясы | Аймактын курулушка жарамдуулугу | Курулуштун тоо-кен жана инженердик-геологиялык шарттары | Курулуштун өзгөчө шарттары |
|---|---|---|---|
| 5 | Курулушка убактылуу жараксыз | Запастар иштетилип бүткөндөн кийин, же тийиштүү иш-чараларды жүргүзгөндөн кийин курулуш шарттары боюнча 3, 2 же 1-категорияга өтүүчү 4-категориядагы курулушка жараксыз аймактар | - |

# И тиркемеси

## Чөгүп кете турган жер кыртыштарындагы негиздердин деформацияларын жана катуулук коэффициенттерин эсептөө

I типтеги чөкмө топурак шарттары

И.1 Негиз топурактарынын чоң аянттарда үстүнкү бетинен интенсивдүү нымдалганда жана жер астындагы суулардын деңгээли көтөрүлгөндө чөгүшү төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$s_{sl} = \sum_{i=1}^{n} \varepsilon_{sl.i} h_i k_{sl.i}, \tag{И.1}$$

мында $\varepsilon_{sl.i}$ – МамСТ 23161 боюнча толук сууга каныкканда аныкталуучу $i$ - топурак катмарынын салыштырмалуу чөгүүсү;

$h_i$ – $i$-го топурак катмарынын калыңдыгы, см;

$k_{sl.i}$ – И.2 көрсөтмөлөрүнө ылайык аныкталуучу коэффициент;

$n$ – топурактардын чөгүү зоналары $h_{sl.\rho}$ жана $h_{sl.g}$ бөлүнгөн катмарлардын саны (5.1-сүрөттү кара).

(И.1) формуласы боюнча топурактардын чөгүшүн эсептөөдө:

салыштырмалуу чөгүүсү $\varepsilon_{sl.i} \geq 0{,}01$ болгон топурак катмарлары гана эске алынат, ал эми $\varepsilon_{sl.i} < 0{,}01$ болгон топурак катмарлары эске алынбайт;

чөгүүчү калыңдык $H_{sl}$ жана чөгүү зоналары $h_{sl.\rho}$ жана $h_{sl.g}$ литологиялык кесилишке ылайык калыңдыгы 2 м ашпаган айрым катмарларга бөлүнүшү керек, алардын ичинде жалпы тигинен кеткен чыңалуулардын ($\sigma_{z\rho}$ + $\sigma_{sl.g}$) өзгөрүшү 200 кПа ашпоого тийиш.

И.2 (И.1) формуласына кирген $k_{sl,i}$ коэффициенти пайдубалдын туурасы b ≥ 12 м болгондо чөгүү зонасынын чегиндеги бардык топурак катмарлары үчүн бирге барабар деп кабыл алынат; b ≤ 3 м болгондо төмөнкү формула боюнча эсептелет:

$$k_{sl.i} = 0{,}5 + \frac{1{,}5(\rho - \rho_{sl.i})}{\rho_0}, \tag{И.2}$$

мында $\rho$ – пайдубалдын түбү боюнча орточо басым, кПа;

$\rho_{sl.i}$ – салыштырмалуу чөгүүсү $\varepsilon_{sl.i}$ = 0,01 болгондо $\rho_i$ басымына барабар кабыл алынган $i$- катмардын баштапкы чөгүү басымы;

$\rho_0$ – 100 кПа барабар болгон басым.

3 м ≤ b ≤ 12 м болгондо $k_{sl,i}$ интерполяция жолу менен аныкталат.

топурактын өз салмагынан чөгүшүн аныктоодо $k_{sl,i}$ =1 деп кабыл алуу керек.

И.3 Топурактын чөгүү касиеттерин деформациялануучу катмардын $h_{sl.\rho}$ жогорку бөлүгүндө гана оор ныктоо менен тыгыздап, же суу аз өткөрүүчү

экранды түзүү менен чополуу же кумдуу топурак жаздыгын орнотуу аркылуу жоюуда, төмөндө жайгашкан чөкмө топурактын салыштырмалуу чөгүүсү $\varepsilon_{sl.i}$ толук эмес сууга каныкканда ($w_{sl} \leq w \leq w_{sat}$) кабыл алынат жана төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$\varepsilon_{sl}' = 0{,}01\frac{w_{sat} - w}{w_{sat} - w_{sl}} + \varepsilon_{sl}\frac{w - w_{sl}}{w_{sat} - w_{sl}}, \qquad \text{(И.3)}$$

мында $w$ – топурактын табигый жайгашуудагы нымдуулугу (бул жана андан кийинки нымдуулук бирдик бөлүктөрүндө);

$W_{sat}$ – топурактын толук сууга каныккандыгына туура келген нымдуулук;

$w_{sl}$ – баштапкы чөгүү нымдуулугу;

$\varepsilon_{sl.}$ – топурак толук сууга каныккандагы салыштырмалуу чөкмөлүгү.

И.4 Деформациялануучу чөгүү зонасынын $h_{sl.\rho}$ калыңдыгы (6.1-сүрөттү кара) пайдубал түбүнөн жалпы вертикалдык чыңалуулар $\sigma_z = \sigma_{z\rho} + \sigma_{sl.g} = \rho_{sl}$ болгон тереңдикке, же $\sigma_{z,min} > \rho_{sl}$ маанилери болгон тереңдикке чейинки топурак катмарынын калыңдыгына барабар деп кабыл алынат.

И.5 Жогорку деформациялануучу зонанын $h_{sl.\rho}$ чегинде пайдубалдын жүктөмүнөн $s_{sl.\rho}$ топурактын чөгүшү нөлдөн, анын толук чоңдугуна чейин өзгөрүп турган $a_0$ участогунун узундугу, м (6.3-сүрөттү кара), төмөнкүгө барабар деп кабыл алынат:

$$A_0 = h_{sat}\, m_\beta\, t_g\, \beta, \qquad \text{(И.4)}$$

мында $h_{sat}$ – м нымдоо булагынын түбү, $h_{sl.\rho}$ зонасынын төмөнкү чегине чейинки сууга каныккан топурак зонасынын калыңдыгы;

$m_\beta$ – негиз топурактарынын катмарланышынан улам суунун нымдоо булагынын чегинен капталдарга жайылуу бурчунун чоңоюшун (же кичирейишин) эске алган коэффициент жана төмөнкүлөр үчүн кабыл алынат:

бир тектүү топурак катмарлары үчүн $m_\beta = 1$;

бир тектүү эмес катмарлар үчүн:

үстүндө фильтрация коэффициенти аз болгон топурактар, анын ичинде суу аз өткөрүүчү экранды орнотууда $m_\beta = 0{,}7$, ал эми чоң болгондо $m_\beta = 1{,}4$;

көп катмарлуу (үчтөн ашык катмар) болгондо $m_\beta = 1{,}7 \div 2$.

$\beta$ – суунун нымдоо булагынан капталдарга жайылуу бурчу, төмөнкүлөр үчүн кабыл алынат: сары топурак сымал кумдуу топурактар жана сары топурактар үчүн 35°; сары топурак сымал чополуу топурактар үчүн 50°; ал эми аларды оор ныктоо менен тыгыздаганда, же топурак жаздыктарда коэффициентти тиешелүү түрдө 1,5 жана 1,3кө жогорулатуу менен жайылтканда.

И.6 Сызыктуу деформацияланууучу жарым мейкиндик түрүндө кабыл алынган негиздин катуулук коэффициенттери пайдубалдарды төмөнкүлөргө орнотууда төмөндө келтирилген формулалар боюнча аныкталат:

а) табигый жайгашуудагы топурактарда:

табигый нымдуулукта:

$$C = \frac{\rho}{s}, \tag{И.5}$$

нымдоо булагынын астында толук сууга каныкканда $h_{sl.\rho}$ деформацияланууучу зонанын чегинде:

$$C_1 = \frac{\rho}{s + s_{sl,\rho}}, \tag{И.6}$$

б) бүткүл $h_{sl.\rho}$ деформацияланууучу зонанын чегинде тыгыздалган чөкмө топурактарда:

табигый нымдуулукта:

$$C' = \frac{\rho}{s'}, \tag{И.7}$$

тыгыздалган жана алардын астында жайгашкан топурактар толук сууга каныкканда:

$$C_I' = \frac{\rho}{s_I'}, \tag{И.8}$$

в) $h_{sl.\rho}$ деформацияланууучу зонанын жогорку бөлүгүндө гана $h_{com}$ тереңдикке чейин тыгыздалган чөкмө топурактарда:

табигый нымдуулукта:

$$C_I'' = \frac{\rho}{s_I''}, \tag{И.9}$$

тыгыздалган, чөкмө жана алардын астында жайгашкан топурактар толук сууга каныкканда:

$$C_I'' = \frac{\rho}{s_I'' + s_{sl,\rho}'}, \tag{И.10}$$

г) *а* - *в* пункттары боюнча узундугу $r_l$ болгон участоктордо, негиз топурактары нымдалганда чөгүүлөрдүн жана отуруп калуулардын сызыктуу мыйзам боюнча өзгөрүшүндө,

$$C_x = \frac{\rho}{s_x + s_{sl,\rho,x}}, \tag{И.11}$$

мында $C$ жана $C_I$ - табигый жайгашкан топурактардагы негиздердин катуулук коэффициенттери, кПа/м, тиешелүү түрдө табигый нымдуулукта жана толук сууга каныкканда;

$C'$ жана $C'_I$ – ошол эле, бүткүл $h_{sl.\rho}$ деформацияланууучу зонанын чегинде тыгыздалган чөкмө топурактарда, тиешелүү түрдө табигый нымдуулукта жана толук сууга каныкканда;

$C^{//}$ жана $C^{//}_I$ – ошол эле, $h_{sl.p}$ деформацияланууучу зонанын жогорку бөлүгүндө гана тыгыздалган чөкмө топурактарда, тиешелүү түрдө табигый нымдуулукта жана толук сууга каныкканда;

ρ – пайдубал түбүндөгү орточо басым, кПа;

$s$ – КЧжЭ 2.02.01 боюнча эсептелген табигый нымдуулуктагы табигый жайгашкан чөкмө топурактагы пайдубалдын чөгүшү, м,;

$s_{sl.p}$, – (И.1) формуласы боюнча эсептелген, м, табигый жайгашкан топурактагы пайдубалдын чөгүшү;

$s^{/}$ жана $s^{//}_I$ – тиешелүү түрдө табигый нымдуулукта жана толук сууга каныкканда $h_{sl.p}$ тереңдикке чейин тыгыздалган топурактагы пайдубалдын чөгүшү;

$s^{//}$ жана $s^{//}_I$ – тиешелүү түрдө табигый нымдуулукта жана толук сууга каныкканда деформацияланууучу зонанын жогорку бөлүгүндө гана тыгыздалган топурактагы пайдубалдын чөгүшү, м;

$s^{/}_{sl.p}$ – деформацияланууучу зонанын жогорку бөлүгүндөгү тыгыздалган топурактын астындагы пайдубалдын чөгүшү, м;

$s_x$ жана $s_{sl.p.x}$ – нымдоо булагынын четинен x аралыкта жайгашкан чекиттеги а тилкесиндеги пайдубалдын чөгүшү жана отурушу, м.

Э с к е р т ү ү – Чөкмөлүгү боюнча I типтеги чөкмө топурактарды толук кесип өтүүчү жер казык пайдубалдарды колдонууда жоопкерчиликтин III деңгээлиндеги имараттардын жана курулмалардын конструкцияларынын топурактардын мүмкүн болгон чөгүшүнө эсептөөлөрдү жүргүзбөөгө жол берилет.

II типтеги чөкмө топурак шарттары

И.7 II типтеги топурак шарттарына кирген чөкмө топурактардагы, ошондой эле пландоочу төгүндүнү аткарганда I тип II типке өткөн учурларда I типтеги негиздерди жана имараттардын менен курулмалардын конструкцияларын эсептөө топурактардын өз салмагынан $s_{sl.g}$ максималдуу чөгүү маанисине жүргүзүлүшү керек, ал туурасы $B_w \geq H_{sl}$ болгон болжолдонгон интенсивдүү нымдоо булагында же анын туурасы $B_w \leq H_{sl}$ болгондо пайда болгон мүмкүн болгон чөгүүнүн $s^{/}_{sl.g,}$ чоңдуктарына жүргүзүлүшү керек, бирок ал 2 м кем эмес деп кабыл алынат.

Топурактардын өз салмагынан $s_{sl.g}$ максималдуу чөгүү чоңдуктары (И.1) формуласы боюнча эсептелет, анда $k_{sl,i}$ коэффициенти $k_{sl,i}$ = 1 кабыл алынат, ал эми салыштырмалуу чөгүү $\varepsilon_{sl.i}$ имараттын жана курулманын астына суу аз өткөрүүчү экран орнотулганда (И.3) формуласы боюнча аныкталат.

Топурактын өз салмагынан $s_{sl.g}$ мүмкүн болгон чөгүшүн негиз топурагынын үстүнкү бетинен болжолдонгон кичине аянттарды нымдоодо төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$s'_{sl.g} = s_{sl.g}\sqrt{\frac{\left(2 - \frac{B_w}{H_{sl}}\right)B_w}{H_{sl}}}. \tag{И.12}$$

И.8 Өз салмагынан топурактын $s_{sl.g}$ (x) чөгүшүнүн чоңдугу өнүгүү ийри сызыгынын ар кандай чекиттеринде (r тилкелерде) (6.2 жана 6.4-сүрөттөрдү кара) төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$s_{sl.g}(x) = 0{,}5 s_{sl.g}\left(1 + \frac{\cos\pi}{r}\right), \tag{И.13}$$

мында $x$ – нымдалган аянттын борборунан ($B_w$ < $H_{sl}$ болгондо) же топурактын чөгүшүнүн горизонталдык $B$ участогунун башынан ($B_w \geq H_{sl}$ болгондо) $s_{sl.g}$ *(x)* чөгүшүнүн чоңдугу аныкталуучу чекитке чейинки аралык, м ($0 \leq x \leq r$ болгондо);

$r$ – топурактын өз салмагынан чөгүшүнүн ийри сызыктуу тилкенин эсептик узундугу, м, төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$r = H'_{sl}\left(0{,}5 + m_\beta tg\beta\right), \tag{И.14}$$

бул жерде $H'_{sl}$ - нымдоо булагынын түбүнөн анын төмөнкү чегине чейинки чөгүүчү калыңдыктын чоңдугу, м;

$w_\beta$ жана $\beta$ - (И.4) формуласындагыдай эле.

И.9 Пайдубалдардын негиздеринин өз салмагынан топурактардын салыштырмалуу чөгүү айырмалары $\Delta s_{sl}/L$ имараттар жана курулмалар үчүн төмөнкү формулалар боюнча аныкталат:

а) катуу конструктивдүү схемасы менен

$$\frac{\Delta s_{sl,g}}{L} = \left(s_{sl,g1} - s_{sl,g2}\right)\cdot\frac{m_q}{L}, \tag{И.15}$$

б) ийкемдүү конструкциялар үчүн

$$\frac{\Delta s_{sl,g}}{L} = \left(s'_{sl,g1} - s'_{sl,g2}\right)\cdot\frac{m_q}{L}, \tag{И.16}$$

мында $s_{sl,g1}$ жана $s_{sl,g2}$ - И.7 жана И.8 эске алуу менен эсептелген имараттын же курулманын карама-каршы учтарынын же алардын чөгүү жиктери менен бөлүнгөн айрым блокторунун орточо чөгүүлөрү, см;

$m_q$ – имараттын жана курулманын анын негизи менен биргелешип иштешин эске алган иштөө шарттарынын коэффициенти жана төмөнкүгө барабар кабыл алынат

$$L > r \text{ болгондо } m_q = (r/L)^2, \tag{И.17}$$

$L < r$ болгондо $m_q = 1$;

$L$ – имараттын же курулманын же алардын айрым блокторунун туурасы, м;

$r$ – (И.4) формуласындагыдай эле;

$s'_{sl.g1}$ жана $s'_{sl.g1}$ – ийкемдүү конструкциядагы имараттардын жана курулмалардын 1 жана 2-пайдубалдарынын орточо чөгүүлөрү, м;

$L$ - 1 жана 2-пайдубалдардын ортосундагы аралык, м.

$m_q$ – бирге барабар деп кабыл алынган коэффициент.

И.10 Катуу конструкциялык схемадагы имараттардын жана курулмалардын $i_{sl}$ салыштырмалуу кыйшаюу чоңдугу (И.15) формуласы боюнча, ал эми абсолюттук маанилери, см, төмөнкү формула менен аныкталат

$$\gamma_{sl} = i_{sl} H_c = \left(s_{sl.g1} - s_{sl.g2}\right) H_c, \tag{И.18}$$

мында $H_c$ – имараттын же курулманын пайдубал түбүнүн алардын жогорку чекитине чейинки бийиктиги, см.

И.11 Ийкемдүү конструкциядагы имараттардын жана курулмалардын айрым пайдубалдарынын салыштырмалуу кыйшаюу чоңдугу (И.15) формуласы боюнча эсептелет, анда $s_{sl.g1}$ жана $s_{sl.g2}$ - пайдубалдын эки карама-каршы жайгашкан чекиттеринин (учтарынын) ортосундагы аралык анын туурасына же узундугуна барабар болгон чөгүүлөр.

Кыйшаюулардын абсолюттук маанилери (И.18) формуласы боюнча аныкталат, анда $H_c$ - пайдубал түбүнөн мамынын, же дубалдын каралып жаткан чекитине чейинки бийиктик.

И.12 Топуракты үстүнкү бетинен сызыктуу булактан нымдоодо ($B_w$ = 1÷2 м болгондо) чөгүү оюгунун шарттуу ийрилик радиусу $R_{yc}$, кээде имараттардын жана курулмалардын конструкцияларын алдын ала эсептөөдө колдонулат, төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$R_{yc} = \frac{r^2}{s_{sl,g}}\left(4 + m_n\right), \tag{И.19}$$

мында $r$ жана $s_{sl,g}$ - (И.13) формуласындагыдай эле;

$m_n$ - $s_{sl,g}$, м – барабар кабыл алынган коэффициент.

И.13 Топурактын бетиндеги горизонталдык жылышуулардын $u_{sl}$, см, чоңдугу $x$ аралыкта өз салмагынан чөгүүдө, И.7 боюнча топуракты нымдоодон келип чыккан, анын ийри сызыктуу $r$ тилкесинде (6.2 жана 6.4-сүрөттөрдү кара) төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$u_{sl} = 0{,}5\varepsilon_u r_0\left(1 + \cos\frac{2\pi x}{r_0}\right), \tag{И.20}$$

мында $\varepsilon_u$ – төмөнкүгө барабар кабыл алынган салыштырмалуу горизонталдык деформациялардын чоңдугу

$$\varepsilon_u = 0{,}66\left(\frac{s_{sl,g}}{r_0} - 0{,}005\right) \tag{И.21}$$

$r_0$ – топурактын чөгүшүнүн ийри сызыктуу участогунун эсептелген жарым узундугу, м (6.2 жана 6.4-сүрөттөрдү кара), $r_0$=0,5$r$ барабар кабыл алынат;

$x$ - (И.13) формуласындагыдай эле.

И.14 $H_{sl}$ Чөкмө катмардын астында жайгашкан сууга каныккан ($S_r$ > 0,9) чопо жана кум топурактарынын кошумча чөгүшүн $s_{u,l}$ жана кошумча кысылуу зонасын $H_{u,l}$ КЧжЭ 2.02.01 талаптарына ылайык аныктоо керек.

Нымдуулугу аз чопо топурактардын жана структуралык байланыштагы чаңдуу жана майда кумдардын $s_{u,l}$ кошумча чөгүшүн төмөнкү формула боюнча эсептөөгө жол берилет

$$s_{u,l} = 0{,}8\left(\sum_{i=1}^{n}\frac{\sigma_{zyi}h_{adi}}{E_{0i}} - \sum_{i=1}^{n}\frac{\sigma'_{zyi}h'_{adi}}{E_{wi}}\right) + 0{,}8\sum_{i=1}^{n}\frac{\sigma'_{zadi}h_{adi}}{E_{wi}}, \quad (И.22)$$

мында $\sigma_{zyi}$ жана $\sigma'_{zyi}$ - $H_{u,l}$ зонасынын чегинде $i$- топурак катмарында анын өз салмагынан тиешелүү түрдө табигый нымдуулукта жана толук сууга каныкканда тигинен кеткен орточо чыңалуулар;

$h_{adi}$ - $H_{u,l}$ зонасы бөлүнгөн $i$- топурак катмарынын калыңдыгы;

$\sigma'_{zadi}$ - $H_{u,l}$ зонасынын чегинде сууга каныккан абалда $i$- топурак катмарында тигинен кеткен кошумча орточо чыңалуулар (1-сүрөттү караңыз);

$E_{wi}$ жана $E_{oi}$ - $H_{u,l}$ зонасынын чегиндеги тиешелүү түрдө толук сууга каныкканда жана табигый нымдуулукта $i$- катмардагы чөкпөгон топурактын деформация модулдары.

Э с к е р т ү ү л ө р

1 (И.22) формуласында биринчи кошулуучу (кашаанын ичинде) астында жайгашкан топурактын деформация модулунун сууга каныкканда төмөндөшүнөн улам пайда болгон, ал эми экинчиси - астында жайгашкан катмарга кошумча чыңалуулардын жогорулашынан улам пайда болгон кошумча чөкмөнү билдирет: имараттан же курулмадан бирдей бөлүштүрүлгөн жүктөмдөн биринчи (жер төлөлүк) кабаттын төшөлмөлөрүнө жүктөмдөрдөн; пландалуучу төгүндүнүн салмагынан; тыгыздоонун натыйжасында чөкмө топурактын нымдуулугу жана тыгыздыгы жогорулаганда анын өз салмагынан; жер казыктарды орнотуудан жана башка факторлордон. 2 Кошумча кысылуу зонасынын $H_{u,l}$ төмөнкү чеги катары КЧжЭ 2.02.01 талаптары боюнча алынган минималдуу тереңдик же сууга каныккан абалда деформация модулу $E_{u,l}$ ≥20 МПа болгон топурак катмарына чейинки тереңдик кабыл алынат.

И.15 Чөкмөлүгү боюнча II типтеги топурак шарттарында сызыктуу деформацияланууччу жарым мейкиндик түрүндө кабыл алынган, жогорку $h_{sl,p}$ зонасында чөгүүлөрдү тыгыздап, же аны жер казыктар менен кесип жок кылган учурда негиздин С катуулук коэффициенти, төмөнкү формулалар боюнча аныкталат:

а) 6.3.1, *а* боюнча бүткүл чөкмө калыңдыктын чегинде топурактардын чөкмөлүк касиеттерин жана нымдуулукту толук жок кылганда:

тыгыздалган топурактын

$$C = \frac{p}{s + s_{u,l}},\qquad (И.23)$$

толук сууга каныккандыгына туура келген

$$C_{II} = \frac{p}{s_{II}^{l} + s_{u,l}^{l}};\qquad (И.24)$$

б) чөкмө топурактарды жер казыктуу пайдубалдар менен толук кесип өткөндө жана негиз топурактарынын нымдуулугу төмөнкүдөй табигый абалга туура келгенде:

$$C_{II,p} = \frac{p}{s_{p} + s_{u,l}};\qquad (И.25)$$

толук сууга каныккандык

$$C_{II,p}^{l} = \frac{p}{s_{p}^{l} + s_{u,l,p}^{l}};\qquad (И.26)$$

в) өз салмагынан келип чыккан топурактын чөкмө касиеттерин жарым-жартылай жок кылуу үчүн, жоопкерчиликтин II жана III деңгээлиндеги жана нымдуулуктагы ийкемдүү конструкциялуу бир кабаттуу каркас үйлөр жана имараттар үчүн: тыгыздалган топурак:

$$C_{II,e} = \frac{p}{s_{e} + s_{u,l}};\qquad (И.27)$$

толук сууга каныккандыгына туура келген

$$C_{II,w} = \frac{p}{s_{w} + s_{sl,g} + s_{u,l}};\qquad (И.28)$$

г) узундугу *r а-б* участогунда, $C_{II,x}$ табигый нымдуулуктагы максималдуу мааниден толук сууга каныккандыкка чейин өзгөргөндө

$$C_{II,x} = \frac{p}{s_{x} + s_{sl,g,x} + s_{u,l}};\qquad (И.29)$$

мында $C$ катуулук коэффициенттеринин, $s$, отурууларлардын, $s_{sl}$ чөгүүлөрдүн астында жайгашкан катмардын кошумча чөкмө белгилери ушул пункттун мазмунуна туура келет.

Э с к е р т ү ү л ө р

1 Конструкцияларды бирдей эмес чөгүү деформацияларына эсептөөлөрдү жоопкерчиликтин II деңгээлиндеги имараттарды жана курулмаларды долбоорлоодо пайдубалдардын жалпы эсептик деформациялары ($s + s_{sl} + s_{u.l}$) долбоордо кабыл алынган алардын чектүү чоңдугунун $0,5s_{u}$ аз болгондо, ал эми мындай талаптар жок болгондо - КЧжЭ 2.02.01 боюнча, ал эми жоопкерчиликтин III деңгээлиндеги имараттар жана курулмалар үчүн ($s + s_{sl} + s_{u.l}$) < $s_{u}$ болгондо жүргүзбөөгө жол берилет.

2 жоопкерчиликтин I жана II деңгээлдериндеги имараттардын жана курулмалардын конструкцияларын эсептөөдө чөкмө катмардын астында жайгашкан топурактардын $s_{u.l}$ кошумча чөгүшүн, эреже катары, төмөнкү шарттардын бири аткарылганда эске алуу керек:

а) астында жайгашкан топурактардын табигый жайгашуудагы же сууга каныккандагы кысылуу өзгөрмөлүүлүк коэффициенти $\alpha_E \geq 1{,}5$, деформация модулунун орточо мааниси $E \geq 25$ МПа болгондо;

б) курулуш аянтынын астында жайгашкан топурактарга кошумча жүктөм $\rho_{u,l} \geq 30$ кПа, анын өзгөрмөлүүлүк коэффициенти $a_\rho \geq 1{,}5$ болгондо же $\rho_{u,l} \geq 30$ кПа жана $a_\rho > 2$ болгондо: Мындай учурлар көбүнчө төмөнкүдөй учурларда болот:

имараттарды жана курулмаларды дөңсөөлүү жана жантайыңкы тилкелерде өзгөрмө калыңдыктагы пландалуучу төгүндүлөрдү орнотуу менен, ошондой эле табигый рельефтин топурактарын жарым-жартылай кесип салуу менен жайгаштырууда;

имараттардын жана курулмалардын, анын ичинде чөгүү жиктери менен бөлүнгөн айрым блоктордун ар кандай бийиктиктеринде;

биринчи кабаттын төшөлмөсүндө үйүлгөн жана башка материалдарды сактоодон келип чыккан локалдык жүктөмдөрдө, туурасы $0{,}5H_{sl}$ кем эмес аянтта технологиялык жабдуулардын пайдубалдарынын болушунда жана башка факторлордун таасири астында.

3 $s_{sl,g}$ жалпы чөгүүлөрдүн жана астында жайгашкан топурактардын $s_{u.l}$ кошумча чөгүүлөрүнүн $(s_{sl,g} + s_{u.l}) \geq 30$ см болгондо r ийри сызыктуу тилкесинде $C_{II,x}$ катуулук коэффициенттеринин өзгөрүшү (И.13) формуласы менен сүрөттөлгөн косинусоид боюнча кабыл алынат, ал эми $(s_{sl,g} + s_{u.l}) \leq 30$ см болгондо $C_{II,x}$ катуулук коэффициенттерин сызыктуу көз карандылык боюнча кабыл алууга жол берилет (6.4-сүрөт).

4 Сызыктуу деформациялануучу негиздин жылышуудагы $G$ катуулук коэффициенттерин пайдубалдын түбүнүн астындагы орточо тийиштүү чыңалуу $r$ аракетинен негиздин бетиндеги горизонталдык жылышуулардан аныктоо керек.

## К тиркемеси

## Тереңдетилген жер астындагы бөлүгү бар имараттардын жана курулмалардын негиздерин долбоорлоо өзгөчөлүктөрү

К.1 Тереңдетилген жер астындагы бөлүгү бар имараттардын жана курулмалардын негиздерин жана пайдубалдарын чөкмө топурактарда долбоорлоо траншеяны казууда топурак массивин бошотууну жана анын негизги өлчөмдөрүн (тереңдигин жана туурасын) эске алуу менен жүргүзүү керек (К.1-сүрөттү кара).



К.1-сүрөт – II типтеги чөкмө топурак шарттарында
чөкмө топурактардагы имараттардын схемалары
а – техникалык жайы менен (жер астындагы кабатсыз) жер казыктуу пайдубалдагы;
б – жер казыктуу пайдубалы менен жер астындагы бөлүгү бар;
в – плиталуу пайдубалы менен жер астындагы бөлүгү табигый негизде («сүзүүчү имарат»);
1 – имарат; 2 – техникалык жай; 3 – имараттын жер астындагы бөлүгү; 4 – бургулап кагылган жер казыктар; 5 – кагылган казыктар; 6 – пайдубал плитасы (ростверк); 7 – жылышуу жиги; $f_n$ – чөкмө топурактын каптал сүрүлүү күчү; $f$ – жер казыктын каптал бети боюнча каршылык күчү;
R – жер казыктын астынкы учундагы эсептүү каршылык.

Котлованды казуу төмөнкү чоңдуктардын азайышына алып келет (К.1-сүрөттү кара): чөкмө катмардын $H_{sl,c}$, анын жогорку чегинин төмөндөшүнөн, ошондой эле көп учурда төмөндө жайгашкан топурактардын бошотулушунан улам анын төмөнкү чегинин көтөрүлүшүнөн; топурактардын өз салмагынан $s_{sl,g}$ чөгүшүнүн, чөкмө катмардын жана топурактардагы вертикалдык чыңалуулар төмөндөгөндө топурактардын салыштырмалуу чөгүүсүнүн азайышынан;

жер астындагы чөкмо эмес топурактардын $s_{ul}$ кошумча чөгүшүнөн, аларга топурактын өз салмагынан $\sigma_{sl,g}$ вертикалдык чыңалуулардын азайышынан.

Мындан тышкары, тереңдетилген жер астындагы бөлүктү орнотууда имараттын же курулманын астындагы топурак шарттарын I типтен чөкпөй турган

топурактарга, ал эми II типтен чөкмөлүгү боюнча I типке которууга болот (К.2-сүрөттү караңыз).



К.2-сүрөт – Чөгүүлөрдү эсептөө схемалары: I – терең оюкту орнотууда топуракты; II – имараттын, же курулманын жер астындагы бөлүгүнүн пайдубалын
а – тереңдиктеги вертикалык чыңалуулардын эпюрасы; $h_t$ – оюктун, же котловандын түбүнүн деңгээли; *б* – ошол эле $H_{sl}$ тереңдигинде; *в* – жер астындагы суулардын көтөрүлүшүндө топурактын жана пайдубалдын ийри чөгүшү; *г* – оюктун, же имараттын жер астындагы бөлүгүнүн түбү аркылуу нымдоо. 1- терең оюк; 2, 3 – котлован (жер астындагы бөлүгү) жана имараттын жер үстүндөгү бөлүгү; 4 – пландоо деңгээлинен топурактын жеке салмагынан $\sigma_{zg}$ вертикалдык чыңалуу; 5- ошол эле $\sigma_{zg,l}$ 1- же, 2-котловандын түбүнөн; 6- 1-оюктун, же 2-котловандын чегинен тышкары жайгашкан топурактын жеке салмагынын таасирин эске алуу менен $\sigma_{zg,l}$ вертикалдык чыңалуу; 7,8 – кабат тосмого жана стилобаттын жер астындагы бөлүгүнө $h_t$ тереңдикте имараттын салмагынан жана эксплуатациялык жүктөмүнөн $\sigma_{zp,l}$ вертикалдык чыңалуу; 9,10 - $H_{sl}$, тереңдигинде имрааттын жана стилобаттын астындатопурактын жеке салмагынан, имараттын салмагынан жана эксплуатациялык жүктөмүнөн $\sigma_{zg} + \sigma_{zp}$ жалпы чыңалуу; 11 – $\rho_{sl}$ баштапкы чөкмө басымдын тереңдиги боюнча ийри өзгөрүүлөр.

К.2 Имараттын жер астындагы бөлүгү үчүн траншеяны казууда (К.2-сүрөт): имараттын астындагы чөгүүчү калыңдыктын $H_{sl,c}$ чоңдугу траншеянын түбүнүн деңгээлинен баштап, өз салмагынан топуракка $\rho_z$ басымында, $\rho_z = \gamma_z$ барабар болгондо (бул жерде $\gamma$ - чөгүүчү топурактын салыштырма салмагынын орточо мааниси), аңдын түбүнүн баштап, салыштырмалуу чөгүүсү $\varepsilon_{sl,c}$=0,01 болгон $z$ тереңдикке чейин же сары топурак сымал эмес чопо, кумдуу жана ири бөлүкчөлүү топурактардын үстүңкү чегине чейин топурактын өз салмагынан $s_{slg,c}$ эсептик чөгүшү чөгүүчү калыңдыктын $H_{sl,c}$ калган бөлүгүнүн чегинде аныкталат;

чөкмө катмардын астында жайгашкан чөкмо эмес топурактын $s_{u,l}$ кошумча чөгүшү $H_{sl,c}$ тереңдигинен баштап эсептелет.

Топурактардын өз салмагынан $s_{slg,c}$ чөгүшү жер астындагы бөлүктүн өлчөмдөрүн жана нымдоонун мүмкүн болгон булактарын, И.3 боюнча суу аз өткөрүүчү экрандын болушун эске алуу менен, ал эми астында жайгашкан топурактардын $s_{u,l}$ кошумча чөгүүлөрү – И тиркемесинин И.14 боюнча эсептелет.

К.3 Топурак шарттарын траншеяны казууда которуу төмөнкүдөй камсыз кылынат:

а) чөкмөлүк I жана кээ бир учурларда II типтеги чөкмө топурактарды кадимки чөкмө эмес топурактарга алмаштырууга болот, эгерде 1 метрден ашык калыңдыктагы бардык катмарлардын (инженердик-геологиялык элементтердин - ИГЭ) өз салмагынан келип чыккан басымдын таасири астындагы салыштырмалуу чөкмөлүк аңдын түбүнөн баштап $\varepsilon_{sl,c} \leq 0{,}01$ ден аз болсо;

б) II типтен чөгүү боюнча I типке, эгерде чөгүүчү калыңдыктын $H_{sl,c}$ калган бөлүгүнүн чегинде топурактардын өз салмагынан $s_{slg,c}$ эсептик чөгүшү $s_{sl,c} \leq 5$ см ашпаса.

К.4 Топурактын өз салмагынан чөгүшүн толугу менен жокко чыгарган жана топурак шарттарын II типтен чөгүү боюнча I типке которгон аңдын минималдуу тереңдигин төмөнкү формула боюнча аныктоо керек

$$d_c = \frac{\gamma_c \sigma_{zg} - \rho_{sl}}{\gamma_w}, \tag{К.1}$$

мында $\gamma_c$ – иштөө шарттарынын коэффициенти, котловандын пландагы формасы тик бурчтуу болгондо жана капталдары 1:3 кем эмес болгондо $\gamma_c$ = 1,1 жана төрт чарчы жана тегерек формада $\gamma_c$ = 1,2 = 1,2 барабар кабыл алынат;

$\sigma_{zg}$ – топурактын өз салмагынан $\sigma_{zg} = \gamma_w d$ барабар вертикалдык чыңалуусу;

$\gamma_w$ – чөкмө топурактын сууга каныккан абалындагы салыштырма салмагынын

орточо мааниси, кН/м$^3$;

$d$ – чөкмө топурактын "бекемдиги жетишсиздигинде" максималдуу мааниге ээ болгон тереңдик, м, б.а. $(\gamma_w d) - \rho_{sl} \rightarrow \max$;

$\rho_{sl}$ - $d$ тереңдиктеги баштапкы чөгүү басымы, кН.

Э с к е р т ү ү – (К.1) формуласын төмөнкү учурларда колдонуу керек:

аңдын түбүндө кошумча жүктөм жок болгондо;

имараттын же курулманын бардык жүктөмдөрү, анын ичинде биринчи (жер астындагы) кабаттын төшөлмөлөрүнө да берилүүчү жер казык пайдубалдар аткарылганда;

тыгыздоо менен, котловандын түбүндөгү топурактардын чөкмө касиеттери толугу менен жоюлганда.

К.5 Плита жана башка пайдубалдарды котловандын түбүнүн астындагы топурактардын чөкмө касиеттерин жок кылбастан колдонууда, имараттын же курулманын негизиндеги топурактардын чөгүшү толугу менен жок боло турган анын минималдуу тереңдиги $d'_{cp}$, м, төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$d_{cp} = \gamma_c \frac{\sigma_{zg} + \sigma_{zp} + \sigma_{zn}}{\gamma_w}; \qquad (К.2)$$

мында $\gamma_c$, $\gamma_w$, $\rho_{sl}$ - (К.1) формуласындагыдай эле белгилөөлөр;

$\sigma_{zp}$ - пайдубалдардын жүктөмүнөн вертикалдык чыңалуулар, кПа;

$\sigma_{zn}$ - жер төлөнүн же жер астындагы бөлүктүн жер тамандарынын топурактагы кошумча вертикалдык чыңалуулары.

(К.2) формуласын колдонууда $d_{cp}$ чоңдугун аларды бөлүштүрүү эпюрасына ылайык ар кандай тереңдиктерде ар кандай кошумча чыңалууларды берүү менен тандоо жолу аркылуу аныкталат.

К.6 $d_c$ жана $d_{cp}$ тереңдиктерин графикалык түрдө аныктоого жол берилет. Ал үчүн ар бир техникалык казуу боюнча инженердик-геологиялык издөөлөрдүн материалдарынын негизинде тереңдик боюнча өзгөрүү графиктери түзүлөт (К.2-сүрөттү кара): топурактардын өз салмагынан $\sigma_{sl,g}$ басымынын жана $\rho_{sl}$ баштапкы чөгүү басымынын, ошондой эле зарыл болгондо ($\sigma_{zp}$ + $\sigma_{zn}$). Андан кийин $\sigma_{zg}$ же $\sigma_{zg}$ + $\sigma_{zp}$ + $\sigma_{zn}$ графигине параллелдүү баштапкы чөгүү басымынын - $p_{sl}$ өзгөрүшүнүн ийри сызыгына тийиштүү сызык жүргүзүлөт. Тийиштүү сызык тереңдик боюнча басымдын өзгөрүшүнүн эпюрасын билдирет, анда топурактардын өз салмагынан же жалпы жүктөмдө котловандын (жер төлөнүн) түбүнүн астында чөгүү болбойт. Зарыл болгон $d_{cp}$ жана $d_c$ тереңдиктери тийиштүү $\sigma_{zg}$ вертикалдык «0» огу менен кесилишкен чекиттери боюнча аныкталат, ага карата тереңдик боюнча $\sigma_{zq}$, $p_{sl}$, ($\sigma_{zg}$ + $\sigma_{zp}$ + $\sigma_{zn}$) өзгөрүшүнүн ийри сызыктары түшүрүлөт.

